M90

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
Терминология комиссиясы
АКАДЕМИЯ НАУК КИРГИЗСКОЙ ССР
Терминологическая комиссия

Ж. Мукамбаев

КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ДИАЛЕКТОЛОГИЯЛЫК СӨЗДҮГҮ

●

ДИАЛЕКТОЛОГИЧЕСКИЙ СЛОВАРЬ КИРГИЗСКОГО ЯЗЫКА

Фрунзе 1972

АКАДЕМИЯ НАУК КИРГИЗСКОЙ ССР
ТЕРМИНОЛОГИЧЕСКАЯ КОМИССИЯ

Ж. МУКАМБАЕВ

ДИАЛЕКТОЛОГИЧЕСКИЙ СЛОВАРЬ КИРГИЗСКОГО ЯЗЫКА

I ТОМ

ИЗДАТЕЛЬСТВО «ИЛИМ»
Фрунзе 1972

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ТЕРМИНОЛОГИЯ КОМИССИЯСЫ

Ж. МУКАМБАЕВ

КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ДИАЛЕКТОЛОГИЯЛЫК СӨЗДҮГҮ

I ТОМ

«ИЛИМ» БАСМАСЫ
Фрунзе 1972

Сборн. 4(5)2+494.577
4(03)
Ч90

Словарь охватывает лексический материал почти по всем диалектам киргизского языка. Каждая словарная статья снабжена иллюстративным материалом: поговорками, пословицами, загадками, меткими выражениями и пр. В словаре содержатся и сведения этнографического, исторического характера.

Издание представит научно-теоретический интерес и практическую ценность для исследователей киргизского языка, а также преподавателей Вузов и учителей школ, переводчиков и других работников печати.

Печатается по постановлению
терминологической комиссии
Академии наук Киргизской ССР

Ответственный редактор акад. К.К.Юдахин

Центральная научная
БИБЛИОТЕКА
Академии наук Киргизской ССР
383548

Киргиз диалектологу,менин окуучум,К.Мукамбаев жийырма жылдан бери диалектологиялык материалдарды иретке салып келе жатат.Ал өзү жазып чогулткан жана башка диалектологдор тарабынан жарыяланган материалдардагы лексикалык бөтөнчөлүктөрдү дайыма карточкаларга түшүрүп,жыйнап жүргендүгү мага эчактан эле белгилүү болчу.Көп жылдар бою тынбай иштегендиктин натыйжасында анын колунда ири эле кызык,ири эле бай материалдар топтолуп калган.Автор өзүндөгү укмуш сонун материалдардын ичинен лексикалык бөтөнчөлүктөрдү бөлөк топтоп,бөлөк жарыялоого көптөн бери иштеп жүрүчү. Автордун бул аракети мага жагып калды да,мен бул сөздүктү редакциялоого макул болдум.

Сөздүктүн көлөмү,болжол менен;100-120 басма табак болмокчу.Анын кириш сөзүндө автор диалектилик сөздөрдү:лексикалык,фонетикалык,морфологиялык,семантикалык,фразеологиялык диалектизмдер деп,бир нече түрлөргө ажыратып,алар жөнүндө абдан кеңири,толук жана так мүнөздөмөлөрдү берет. Кириш сөздө сөздүктүн маанисси,илимий жана практикалык баасы,материалдарды чогултуунун жана кайра иштеп талдоонун методикасы жөнүндө эң жакшы баяндоолор берилген.Редактор катарында автордун кириш сөзүндөгү пикирлерине кошумчалай турган ой деле менде жок өңдүү болуп калды.Айтарым эле бул: сөздүктөгү бай материалдар илимий жактан да,практикалык жактан да ага кызыккан бардык адамдарга,адабий тилди байытууга,окуу куралдарын жазууга жана жада калса ,окуучуларга да чоң пайдасын тийгизет.

Автор сөздүк жөнүндө:"сөздүктүн материалдары талибиз-

дин тарыхын изилдөөгө, диалект жана говорлордун атласын түзүүгө, адабий тил менен диалектилердин ички байланышын жана өз ара таасирин айкындоого, адабий тилди лексикалык жактан байытууга, терминологиялык процессти жолго салууга карата кеңири пайдаланылат ко деген ниетибиз бар" дейт. Чынн эле ушундай эмеспи. Эми мен буга бир олуттуу кошумча сөз айткым бар: бул сөздүк башталгыч класстарда эне тилди окутуу жана окуучулар үчүн окуу китептерин түзүүдө, жогору жакта айтылгандай, чоң көмөк берери шексиз. Муну түшүндүрөйүн: бир учурда мен мектептерде болуп "Алиппе" китебине окуучулар үчүн, ал гана эмес, мугалимдер үчүн түшүнүксүз болгон диалектилик сөздөрдүн коштулуп кеткендигин байкаган элем. Сөздүк мына ошондой кокустуктардан оолак болууга себепчи болот. Окуучулардын речинде адабий тилдин нормаларын мектептин босогосун аттаган күндөн тартып жолго коё баруу зарыл. Мугалимдер окуучулардын речиндеги жергиликтүү диалектилик өзгөчөлүктөрдү жакшылап билүүлөрү керек, антпесе диалектилик бөтөнчөлүктөрдүн туура эмес жактарына карай жигиликтүү күрөш жүргүзүүгө мүмкүн болбойт.

Жазуучуларды да унутуп коюу жарабайт. Жазуучулар көп учурда диалектилик сөздөрдү өз чигармаларында бир топ эле колдонушат. Анын жаман деле жери жок, бирок бир кемчилиги ошол диалектилик сөздөргө түшүндүрмөлөрдүн берилө бербегендигинде. Сыягы, алар өздөрү колдонгон сөздөрдүн баары эле адабий тилдин лексикасына жатат деп ойлошсо керек, ошон үчүн алар бул же тигил сөздүн диалектилик мүнөзгө ээ экендигин байкашайт окшойт.

Алсак; үкөк, какшык// шишик // качалан, шырдак // тур кийиз, жөнөл // учар, түтүк // увулдак, чогуу // үргүлөө, киргоол // тоого // товуз, ичке// мүкү, ширкет // сиркенек, жырга /күшөлө, көпүк // чөнүк, чийрак // шагдан, мама көз // жилкичи чымчык, чөлөк // чака, таркент // казанак, чаркап // үйөк, жоноо, чук, бөгүш, агыл, арда, сарала // ирге // танда, мээн // жолу ичеги, чап // сол, чапагай // ыологой, байто / байтама // чилгоо, кызыл иштан // доңкулдак деген өздүү сөздөр эле диалектилик лексика эмне экендигин айкындап турат. Мына ушул өздүү сөздөрдү башталгыч класстардын окуу китептеринде же жазуучулардын чигармаларында түшүндүрүүсүз колдоно берүүгө болор беле? Кок, дайыма боло бербес.

Бул сөздүктө те терендиги тилдин тарыхына, турмушка жетөлөп кете турган лексикалык материалдар бар. Бир нече мисал келтирейин. Алсак: агыл деген сөз /малкана, мал сарай деген маанисинде/ фонетикалык жактан, башкача айтканда, г-й тыбышына өтүшүнөн улам азыркыча айыл деген түргө ээ болуп калган. Тюркологдор үчүн бул жаңылык эмес, бирок кыргыз талчилери, тарыхчы жана этнографтары бул сыяктанган көрүнүштөрдү эсепке алуулары тийиш, анткени--илгерки көчмөө турмуш мал менен кындыктеш эмес беле. Мал болсо агылда турган. Ошондон улам малдын жайы болгон агыл менен айыл деген сөздүн ички катышы фонетикалык жактан да, семантикалык жактан да даана сезилип турат. Демек, мунун өзү--сөз тилдин тарыхынан, элдин өткөндөгү турмушунан кабар берет дегендикке жатат.

Эми чүк деген сөздү алалы. Мунун байыркы түрү--чүг.

Түндүк говорлордо чүүсү чубалды деген сөз бар.Мындагы чүү деген сөз эмне? Изи-чүүбү? Көрсө, чүү деген сөз байыркы чүг дегенден экен,ал сөз чүк түрүндө /ороочү мааниси/ ичкиликтерде сакталып калган.Ал эми ал ороочто сары так болбой коебу. Сары так чубалган ороочтон көрүнүп турса ооп эмеспи.Мына ошондон чүүсү чубалды деген түшүнтма келип чыккан.

Капал деген сөзчү? Түндүк Казакстанда Капал аттуу шаар бар.Көрсө,бул сөз кирпич деген мааниде ичкиликтерде сакталып калган тура. Ташкентке жакын бир кыштактын аты — Паркент.Албетте,бул иран сөзү /түштүк кыргыз говорлорунун айрым жеринде ал мүрзенүн казанагы деген мааниде сакталып калган/ кандайдыр бир өтө жер "эшен" же "касиеттүү" деп аталган адамдын көрүстөнгө коюлушуна байланыштуу сакталып калган.Бааридан кызыгы мында:"Тажикче-орусча сөздүктө" бул сөз кирген эмес,ал эми 1970-жылы жарыяланган "Парсы-орусча сөздүктүн" П томунда жогорку мааниге бир аз жакын болгон суу жеп кеткен жер,арык,сай деген түшүнүк берилген, бирок сөздүн кийинки маанисн ал жерлерде сакталган эмес да,кыргыз говорунда сакталып калган. Бул кызык эмеспи? Албетте, кызык.

Адабий тилде ардак деген жана андан жасалган бир топ сөздөр учурайт.Алардын түп уңгусу ичкиликтердеги арда /кисир эмди деген мааниде/ деген сөз менен байланыштуу экендигин көп эле адамдар байкоос албайт.

Мына ошентип,диалектилер менен говорлордогу өтө көп сөздөр:кийим-кече,үй буюмдары,тамак-аш, эмгек куралдары,

өсүмдүктөр,айбанаттар--канликтар ж.б. байланыштуу лексикалык байликтар сөздүктө мол чогултулган.Эми көп ошолордун ичинен кайсилары мындан ары жалпы элдик кыргыз тилинин лексикасына,адабий тилдин нормасына өтүү керек экендигин чечмелөөдө турат.

Фонетикалык жактан алганда говорлордогу ч//ц тыбыштарынын төп келиши бир кыйла кызык.Керге-Тал жана Баткен тараптагы "цайырцылардын" говорундагы "ц" чылдык /цеп/чеп/, цалгы /чалга/, келцу/келчу/, цецек/чечек/, кац/кач/, капан /качан/ ж.б./ сөздөрдө регулярдуу түрдө жолугушу сөздүктөгү материалдардан даана байкалат.Айрым учурдагы ч//ц тыбыштарынын төп келиши Талас,Чүй боорунда,көбүнесе,аялдардын речинде жолугары байкалып калат.Албетте,бул кубулуш бизди те түпкүрдөгу тилдик кубулушка--кыпчак /куман, половецтер/ тилинин өзгөчөлүктөрүнө алып барып такайт.Бул факт тилчилерди гана эмес тарыхчыларды да ой корутууга түртпөйт,анткени алар кыргыз элинин генезисине байланышкан көрүнүш эмес бекен?!

Кээ бир говорлордогу байыркы созулмалардын /кийинки жаңы "орун баскыч" созулмалардан башка/ учурашы да чоң кызыгууларды пайда кылат.Мисалы: хаары /карн/, аач /ач/, аалты /алты/, бееру /беру/, үзаак /үзак/, тоогуз /тогуз/ ж.б. сөздөрдүн жолугушу эмне үчүн бизди ойлонтпой койбойт? Бул өңдүү байыркы созулмалар менен ц тыбыш составында болгон сөздөр сөздүктө кеңири кезигет.Бул маселелер абдан кылдат байкоолорду жана атайын изилдөөлөрдү күтөт.Сөздүк мындай изилдөөлөргө жетиштүү материалдарды бере алат.

Биз археологдор үчүн каналдарды казуу,суу сактагычтарды куруу өң көп материалдарды бере тургандигин билебиз. Алсак,маркум профессор А.Н.Бернштам басма сөз жүзүндө чоң Чүй каналын казуу жүз жыл бою арак чогула турган материалдарды колубузга берди деп айткан эле.Ал эми турмуш-тиричиликте,чарбачылыкта,маданий булакта,демек тилде да чоң-кичинеси болуп жүздөгөн-жүздөгөн каналдар өтөт эмеспи.Алсак: помещик жана капиталисттердин байлыгынан ордуна эмгекчил элдердин байлыгынын келиши; жеке чарбачылыктын ордуна коллективдүү чарбачылыктын орун алиши; буурсундун ордуна трактордун келип чигиши; эмчилик-домчулуктун ордуна медицинанын гүлдөп жатыши,жалпы сабатсыздыктан туташ маданиятка жетишип,жалпы билимге ээ болуп,илгерки байлыктөө; боз үйдүн ордуна азыркы отургузган архитектуралык үйдө жашоо; илгерки узун кулактын ордуна радио,телефон,телевизорду урунуу өндүү ж.б. факторлор эмне деген өзгөрүүлөрдү алып келбеди. Бул өндүү бардык каналдардын коомго,элге тийгизген таасирлерин биз талдоого тийишпиз.

Азыркы шарттагы коомдук өзгөрүүлөр,илимий-техникалык өсүүлөр элдин турмушуна,демек алардын тилине да эбегейсиз таасир тийгизүүдө.Турмуштук эски укладдардын жоюлуп жатышына байланыштуу тилде да,демек анын диалектилеринде да миң-миңдеген байыркы сөздөр,түшүнүктөр,учкул афоризмдер, фразеологиялык айкалыштар улам барган сайын колдонуудан чыгып бара жатат.Алардын баары изсиз жоюлуп кетсе,кейиштүү иш болор эле.Кыргыз элинин мындан 50-100 жылдан мурунку өмүрүндө тилдик байлыктарынын көп жактары бизге белгисиз

бойдон түпкүргө түшүп кеткени эле жетиштүү эмеспи.Бул сабак болбодубу.Эми илим үчүн,келечектеги чеберелер үчүн азыркы кезде кол жеткен,балким өзүбүз угуп,бирок диалектилик мүнөзгө ээ болгон байлыктарды кагазга түшүрүп,мурас кылып койсок залалы болобу? Жок.Биз,тескерисинче,келечекки муундар үчүн тилдик—диалектилик байлыктарды чогултуп жыйноого,жарыялоого милдеттүүбүз.Муну унутуп калуу—келечектегилер үчүн айыпка калгандык болор эле.Биз диалектилик өзгөчөлүктөрдү тез чогултуп,тез жарыялоого шашылуубуз керек,Мына бул максатты жүзөөгө ашырууда доцент Б.Мукамбаев колунан келген чоң иште өтөдү.Анын түзгөн сөздүгү бул багыттагы олуттуу иштердин бири болуп эсептелет.Бул сөздүк кыргыз филологиясын гана байытпастан,жалпы тюркологияны да байыта турган салым болуп саналат.

Мамлекеттик сыйлыктын
лауреаты,профессор К.К.Юдахин.

СӨЗ БАШЫ

Профессор К.К.Юдахин мындан жийирма жыл мурда бизге окуган лекцияларында кыргыз диалектилери жана говорлору боюнча фонетикалык,морфологиялык,синтаксистик,лексикалык материалдарды топтоонун,иликтеп-изилдөөнүн,сыпаттап жазуунун кыргыз тилинин тарыхы,орфографиясы,орфоэпиясы,диалектологиясы өздүү ж.б. маселелери үчүн теориялык жактан да,практикалык жактан да чоң баасы болот деп айтар эле. Ошондо бул баалуу ишке болсо,биз ошого катышсак деген умутто жүргөнбүз. Тилегим ордунан чыгып,мен 1951-жылы пединститутту бүтүп, аспирантурага калмак болдум да,июль-август айларында Тажикстандагы Каратегинге /ал кезде Гарм области эле/ барып,жерге-талдык кыргыздардын ичинде жүрдүм.

Жерге-талдык кыргыздар "ичкиликтер" деп аталып,тил жагынан алганда диалектилик көп бөтөнчөлүктөргө ээ экендиги байкалып калды. Мен ал бөтөнчөлүктөрдү чогулта баштадым. Диалектилик өзгөчөлүктөр сөздөрдүн ар түркүн катмарларынан, тематикалык топторунан,семантикалык жүгүнөн,тыбыштык составынан,морфологиялык жасалышынан,таралыш чегинен,тарыхий-лингвистикалык себептери жагынан ар башка экендиги сезилди.Бул ишке өтө берилип кызыгып калдым да,диалектилик сөздөрдү учурай калган жерде жазып алчу болдум.

Адегенде эле баамга оркоюп,төмөнкүдөй диалектилик сөздөр урунуп жыйнала баштады: истик /исык/: истик нан /жаңы бышырылган нан,токоч/, истик тамак /көпчүлүккө арналып жасалган сорпо-шилеңдүү тамак/, кур истик /жайкы чөлдө,саратан/, сумду истик /1.исык буу, 2.арамдуу жер/; искаат /1.жыртым, 2.өкүнгөндө айтыла турган сыпдык сөз/; исвили

/адегенде кездемеге жол чийип алып,анан ар түркүн кооз жип менен сайылганга көптөнүн бир түрү/, ирөк/ро /өсүмдүктүн ати/, ирашан /жарык/, ираң /сыя/, пайвант /кийиштируу/, оймо илвирай /ала кийиз/, эне эшэ /эне уругу/, үч эш /чакмак таш ойнунда ташты үч-үчтөн топтоп алуу фазасы/ өздүү ж.б. сөздөр топтолду.

Өзгөчө сөздөр идиомалардан да, фразеологиялык туруктуу сөз тизмектеринен да, макал-лакап,жаңылмач,табышмактардан да жолугуп жатты. Алсак: эзгин бүрүн /кучактап өбүү/, эш музон /үлүл/, эдел кара /караан,эш,черик/, кара качкан киши /куучу/, ак чакыч /1.өсүмдүктүн ати, 2.ошол өсүмдүктүн ширесинен алынган сагыз/, топ ит талады /чакмак таш ойнундаги даги бир фазанын ати/, куйчунун кечиккенинден сүйүн; атасы жындынын бири—жынды,энеси жындынын бээри—жынды; ойногондо энем күштүм,чындаганда атам күштүм; өмөктөшкөн жоо күчат /макалдар/; тагай-түгөй табышмак,келде жатып кетүшмөк,жатып алып өбүшмөк /табышмак-күзгү/; аттан эгиз,иттен пас /өзөр/, дүнк кампир,дүнгөлөк кампир,кайда барса, эзиз кампир /чайнек/... ж.б.

Бул сыпатталган бөтөнчөлүктөр топонимдерде да,этнонимдерде да,антропонимдерде да кезигип турду.Мисалы: 1.Ашырты,Бүлөтү,Бүгүтү,Агач-Арт,Ак-Турук /"турук" деген сөз кайберендер кача албай камалып кала турган аска жер/, Баатыр-Турук,Тоңчак,Берик-Тал... ж.б. /топонимдер/; 2.актачы,кыдырша,бостон,тейит,човой,жаманак,чегитар... ж.б. /этнонимдер/; 3.Ширангүл,Шавистон /бул сөз тажик тилиндеги: шаб "түнү+стон "мекен" деген сөздөн/, Хасийэт /тах. хосят "жакты-

лык"/, Хүрнисоо /тах. хур "кыргал",үрөнисоо "турмуш"/,Сейли /тах. сайла "сейил"/, Рахима /түндүк говорлордо Ракыйма,Ыракыйма; бул "ырайым" деген маанида,Мындан Райымбек, Райымкул деген аттар да жасалган/, Нихол /тах. нихол "наал, кечет" /антропонимдер/ ж.б.у.с.

Албетте,жыш учурай турган бул өздүү өзгөчөлүктөр филологдор үчүн байкалбай калбайт эле. Мындай фактилар менен таанышып чыккандан кийин проф. К.К.Юдахин келечекте кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгүн түзүүгө материал топтоо зарылдыгын,анан сөздүктүн өзүн чыгаруу керектигин айтып кеңеш кылган болучу.

Мына ошол жылдардан тартып мен Каратегинде,Памирде, Алайда,Лейлекте,Баткенде,Ноокатта,Кара-Сууда,Өзгөндө,Советте,Сузакта,Базар-Коргондо,Ала-Букада,Жаңы-Жолдо,Таласта, Чүйдө,Ак-Талаада,Тоңдо,Жети-Өгүздө,Түптө ж.б. жерлердеги ондогон айылдарда болуп,кары дебей,жаш дебей ар кандай кесиптеги адамдардан диалектологиялык материалдарды үзгүлтүксүз жыйнап келдим.

Кесибиме жараша диалектологиялык экспедицияларды,практикалык иштерди,куроотук жана дипломдук жумуштарды жазууну уюштурдум. Булардын баары менин ишиме көмөк берип жатты. Кайсы бир об"ектилерге /Памир,Каратегин,Алай,Баткен,Өзгөн ж.б./ эки-үч жолдон кайра-кайра барып,иш жүргүзүлдү. Жыйырма жылдын ичинде эң көп материалдар чогулду. Анын үстүнө бул жылдардын ичинде тилчилер Г.Бакинова,Т.Ахматов,Э.Абдулдаев,Н.Бейшекеев,С.Кондучалова,К.Бакеев,Г.Төрөжанова,Ш.Жапаров,сыяктуу диалектологдор тарабынан бир кыйла монографиялар, илимий макалалар жарыяланды. Академик К.К.Юдахиндин "Киргизча-орусча сөздүгү", проф. Б.М.Юнусалиевдин "Киргиз диалектологиясынын программасы","Киргиз диалектологиясы" /окуу китеби/, проф.Х.К.Карасаевдин "Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү", проф. Б.Орузбаеванын "Кыргыз адабий тилинин калыптануу негизи",Э.Абдулдаев менен Д.Исаев редакциялаган "Кыргыз тилинин түшүндүрмөлүү сөздүгү", Э.Абдулдаев менен Ж.Мукамбаевдин "Кыргыз диалектологиясынын очерки", Ж.Мукамбаев менен К.Иманалиевдин "Памирдик-каратегиндик кыргыздарда" деген китеби жарык көрдү. Буларда али жалпы элдик тилге тарабаган диалектилик бир кыйла лексикалык жыш материалдар топтолуп, жарыкка чыкты.

Эми сөздүк түзүүнү ыкчамдатуу жана жарыялоо маселеси кезекке туруп калды.Бул идея профессорлор К.К.Юдахин,Б.М. Юнусалиев,Х.К.Карасаев,Б.Орузбаева,А.Жапаров,Т.Ахматов, доценттер К.Дыйканов,С.Иманалиев,Ш.Жапаров ж.б. колдоштор тарабынан колдоого алынып,иш жүргүзүлө баштады.

Албетте,диалектилик лексиканы жыйнап,изилдөөнүн маанисин чоң.Диалектилик сөздөрдүн сөздүгүн жарыялоо менен биз мектептерде,жогорку жана педагогикалык окуу жайларында окуган окуучулар менен студенттерге /филологдорго/, тил жана адабият мугалимдерине,филолог илимпоздорго,жазуучуларга,басма сөз кызматкерлерине, ал гана эмес, тарыхчы,этнограф,фольклорист,методист өндүү кызматкерлерге эне тилдин диалектилик байлыгы менен таанышууга,илимий изилдөөлөр жүргүзүүгө,практикалык маселелерди чечүүгө чоң көмөк кылабыз деп ойлойбуз. Бул сөздүк түркологиялык изилдөөлөргө да,өзгөчө түрк тил-

дерининн диалектилерин,лингвистикалык географиясын, лексикалык талдоолорун,тарыхый-салыштырма пландагы изилдөөлөрүн ишке ашырууда да аздыр-көптүр жардам берет го деген ниеттебиз.

Жыйналган лексикалык материалдардан тилдик фактылар жергиликтүү элдин турмуш-тиричилиги,тарыхы,каада-салты менен эриш-аркак байланышта экендигин даана байкайбыз.

Деги диалектилик лексика дегенибиз эмне?

Диалектилик лексика /сөз/ деп жалпы элдик тилге бирдей тарабаган,тараса да тыбыштык составы,морфологиялык түзүлүшү,семантикалык маанисн,сөз айкалышы,фразеологиялык тутуму жагынан айырмаланган же бир жерде айтылып,экинчи бир жерде колукпаган сөздөрдү айтабыз. Мисалы: кайтарма /күрөшкөндө колдонулуучу иштин бир түрү/, битке /бир аз/, бөлүмчү /бөлүштүргүч/, эки тер /чакмак таш ойнунда таштарды экиден алуу фазасы/, чакчак гүрүм /бир кур адамдардын чогулушуп,тамашалашып,тамак ичип,ооз-зоок курушу/, чакар /топ, үйүр/, чандүлөч булак /кичинекей гана оюкча боордон сизилып аккан булак/, чөнделеч /жылкычы кучкач.Бул чымчыкты жаз алды менен биринчи көргөндө жергиликтүү адамдар "былтыркы көргөн чөнделеч быйылга чейин өлбөпсүң" деп таш менен уруп куушат/, чакча камчы, кырма камчы,сүйсалма,ашырык /камчынын түрлөрү ж.б.,жерге-талдык материалдардан/.

Чүччү /эчкини айдаганда айтылуучу сырдык сөз/, ых /эшекти темирип бастырганда айтылуучу сөз/, шороп-шороп /үй, топоз,төөнү сугарганда айтылуучу сөз/, чыхх-чыхх /төөнү чөгөргөндө айтылуучу сөз/, чүгө-чүгө-чүш /түбөй-түбөй/, чөгөлөп-чөгөлөп /төөгө карата айтылуучу сырдык сөз/, үй /чочуганда айтылуучу сырдык сөз/, ыых /эзликтегенде айтылуучу сөз/, папа /калжакай,ичкий/, өөлвөй /адамды эзликтегенде айтылуучу сырдык сөз /шоорваз /коопас/, ойлойлой /танданып калганда айтылуучу сырдык сөз ж.б., баткендик материалдардан/.

Эркелад /алгач,мурун/, этек /алжапкыч/, изибайран /изи-чуу/, кеч крнок болгомбуз /кеч үйлөнүп,кеч бала-чакалуу болгомбуз/, куу казык /балдардын ойнунун бир түрү. Мында жерге казык кагылып,ага курлар улаштырылып байланып,түбүнө баш кийимдер жыйылып,ани бирөө коруп,калганы ала качууга аракет кылып ойношот/, майлама /май жупка/, энечик /чикиттин узун таягы/, боздук /жаш улан/, мәрек эгер /келим менен чапталтырып курап жасаган эер/, каптама эгер /тери каптаган эер/, истарах /туяк тегиздөөчү курал/, кудаа ырамат /дүлөй/, чиркык /курак/, чалкар /малкана/, чөмбөр /чекеге байланууучу жоолукча/, жиндигалай /куйрмак/, чоксары /чептүн бир түрү/, гәрә /таблица ж.б., өзгөндүк материалдардан/.

Элибиздин тили XX кылымга чейин кеңири түрдөгү жазма адабий тилге айлана албай,оозеки сүйлөнүп,географиялык жактан ар кайсы территорияга тарап,тарыхый жактан ар кайсы тилдердин таасирин ар түрдүү даражада көрүп жана ички спонтандык өзгөрүүлөрдүн ар кыл шартина: тарыхый-этникалык,чарбачылык, этнографиялык,географиялык ж.б. шарттарына байланышып келгендигинен улам диалектилик кат-кат бөтөнчөлүктөрдүн болушуна себепкер болгон.

Алсак: билезук /билерик, сал.[1]: МК.,бкыпч. билезук; ккалп.,каз. билезик[2]/; конгучка /кашка беде,сал.: бкыпч. йонча; ккалп.,каз. конгишка/; екче /етуктун такасы, сал.: бкыпч. егче; ног.,ккалп.,каз. окше "согончок"/; бей,бейу /чалп, сал.: бкыпч. бүй; тур. бей; башк. бейе; ног. бий; каз. буйи/; угрен /үйрен, сал.: бкыпч. угрен; МК. егрен/; агин /ийин, сал.: бкыпч.,МК. агин/; йак,кой /май, сал.: бкыпч.,МК. йаг; кум. йав/; тиз /тизе, сал.: бкыпч.,кар., ног. тиз/; куйаш /күн, сал.: бкыпч.,МК.,кар.,ккалп. куйаш; тат.,башк. колш; ног. кыяс/; инан /ишен, сал.: бкыпч.,МК., ног. инан; кар.,тат.,кум.,ккалп.,башк. инан; каз. нан/; исин /иси, сал.: бкыпч. исиц; МК. исин; ккалп.,каз. исин/; кечат /кечүү,сал.: бкыпч. кечүт/; хийде /хийде, сал.: МК. йигде; ккалп. хийде; монг. йигида/; сегет /бул сөз жердин ати катары "сегет,сегетту" деген түрде учурайт. Сал.:бкыпч. сүгүт. МК. сокут "тал"/; сийыр /үй,сал.: бкыпч. сагыр; кар. сигир; ккалп. сийыр; каз. сыыр/; шошек /борук,сал.: бкыпч. шишек; башк. шошак; каз. исек/; сурук /үйүр мал,короо кой, сал.: бкыпч. сурүг. МК. сурук/[3] ж.б.д.у.с. диалектилик сөздөр ичкиликтер /түштүк-батыш/ диалектисинде байыркы кыпчак, казак тилдеринин өткөн замандардагы этникалык составындагы

1. Кыскартылган сөздөрдү тарттуу белгилерден карагыз.
2. Башка тилдеги сөздөр типографиялык тартка байланыштуу кыргыз орфографиясы боюнча берилди.
3. Байыркы кыпчак тилиндеги сөздөр А.К.Курышхановдун "Исследование по лексике" тюркско-арабского словаря" /Алма-Ата,1970/ деген эмгегинен алынды.

миграциялык ошуулларга байланыштуу орун алгандыгы көрүнөт.

Ал эми кыргыз тилинин түндүк диалектисинде ичкиликтерге тарабаган,бирок казак тилинин чигил говорлоруна бирдей тараган лингвистикалык географиянын аймактык белгилери үчүн кызыктуу болгон сөздөр жолугат. Мисалы: ичмек /каз. ишек. Бул сөздөн улам диалектиде "Ичмекбай", казак говорунда "Ишпекбай" деген антропоним учурайт; кечил /каз. кешил. Бул сөз монгол тилинде "монах" деген маанide айтылат. Андан кыргызча Кечилбай, казакча Кешилбай дёген ат пайда болгон/; улар /канаттуунун ати/; бертме /таруу, каз. бертпе "каша"/; келегей /каз. килегей "каймак"/; желетке /каз. зелетке/; козуга /каз. козга/; тургай /каз. тургай/; абдыра /каз. абдир, монг. авдар/; көрпө /каз. көбір,монг. хөвөр/; катарлу /каз. катарлы/; бул /каз. бул "ткани"/; кутма /кайырмак, каз. кутма/; мискей /каз. мескей/; чермий /каз. пермин "кичине/; тантыра /каз. тандырау/; жала кил /каз. жала кой/; делбетап /каз. делбетап/; шалгам /каз. шалгам/; чиби /каз. шибі/; сеңир /тоо/ /каз. сеңгір, монг. цонгор/; тырдай /жиланач, каз. тырдай болу/; чейрек /каз. шерік,ширек/; булгаары /каз. булгары/; талан /каз. табан/; омай,омей /каз. амай/; куртук /кар/ /каз. куртик/; конурсу /каз. кеңсір/[1] ж.б.д.у.с.

Ал эми Баткен районундагы "пайырцы" деп аталган илгер-

1. Казак диалектилерине байланыштуу сөздөр К.Болатовдун "Восточная группа говоров казахского языка и ее отношение к литературному языку" /1970/ деген авторефератынан алынды.

ки заманда нойгуттарга кирген топтун говордук бөтөнчөлүгү карап көрсөк, анда байыркы тилдин сакталып калган бөтөнчө изин көребүз: цирак /чирак,сал.: карб.,азб. цирак/; цигиш /чигиш, сал.: азб.,бард. цигиш/; цойун /чокын, сал.: карб. цойун; тат. цойын; азб. цугун/; цац /чач, сал.: карб.,тат. цац; азб. сац/; цап /чап, сал.: карб.,бард. цап/; цай /ча сал.: азб.,тат.,бард.,монг. цай/; ац /карб.,бард. ац/; целек /челек, сал.: карб. целек/; кец /кеч/; бээру /бэрү, сал.: түрк. бээри/; төөрт /төрт, сал.: түрк. дөөрт/; үүч /үч, сал.: башк. вүч/ к.б.

Ал эми: лаазы /дунг. лацзяо/; хозу /дунг. чхоцзы/; кан,кец /дунг. гуан цза/, жин /дунг. чжун/; бэзоей /дунг. байцай/, шээтай /канка/ дунг. гуан цзи/; дадуу /дунг. дадоуэр/; пунтозу /дунг. фунчезе/ к.б. сөздөр Нсык-Келдүн Кети-Өгүз районундагы айрым айылдарга дунган тилинен тараса, ашпузук /уйг. ашпузул бул сөз түрки тилиндеги "аш" жана китай,дунган тилиндеги "фузул"-ашкана,столовая-деген сөзүнөн жасалган /; кезмал /уйг. гезмал/ дагар /кап/ /уйг. тагар/; хацхал /уйг. жанжал/ к.б. сөздөр уйгур тилинен өткөн.

Арга /монг. арга/, бацик /монг. бадаг "кичка ир"/, бакшы /монг. багч "мугалим,уста"/, дасы /монг. дасах/; домчу /монг. домч/; дүн /монг. дүн "жалпы сан"/; эмчи /монг.эмч/ кашаа /монг. хашаага/; албан /монг. албан/; капчигай /монг. хавчигай,хапшигай/ к.б. сөздөр монгол тилинен оош кирген.

Тажикстан менен Өзбекстанга жакын же аралаш жашаган кыргыздардын говорунда өзбек-тажик тилдеринен оошкон сөздөр да көп: ынтымас, ылтымас /өзб.,таж. илтимос/; илата /өзб.,таж. латта/; илазым /өзб.,таж. лозим/; гөрдиш /таж. гардиш/; жым-жым /таж. жим "күм-жым"/; гала-гала /таж. гала "көп,топ"/; аллайбы /таж. алла-гүй/; әр-әр /таж. ар-ар "эшекти кийкиртүү"/; эттеним,эттеңээт /өзб.,таж. аттан/; гиз-гиз /таж. гиз /"ирсайып ооз ачуу,тишин көрсөтүү/; истама /таж. истам/; ирасса /таж. расо/; инсап /таж.,өзб. инсоф/; астар /өзб.,таж. астор,астар/ к.б.

Кашкар тараптагы кыргыздарда кыргыз адабий тилинде учурабаган,же мааниси жана тибиттик составы жагынан айырмаланган сөздөр бар: авалы /үй/; ансыз /сезимсиз/; агыл /кой короо/; агылга /жайыт/; ада /түгөнүү/; азант /адат/; адейи /атайы/; аниги /алиги/; адийе /көрүндүк/; адыны /судуу/; арваста /калтыра/; абхары /жабалакта/; абдал /бууросун/; ацирка /таңдан/; авигий /аксакал/; авир /буурул/; ахык /дөөпүрөө/; ахын /абысын/; азгын /жорго/; апичий /ак чүч/; асипсиз /алепсиз/; азым /улуу/; атакей /абаке/; азиретте /баркта/; азит /азгыр/; айры /аары/; айык /ачу/; айкылат /ариздан/; акыр /акырын/; апамсаат /алекиссат/; албын /оору/; актар /уюмуш/; алдар /алдамчы/; алаңгер /кийроо/; алкынт /тебелет/; алчий /мителик/; алвек /кариз /; албыр /кычкач/, ани /эмне үчүн/; анык /кыттан/; анкар /кемсинт/ к.б.д.у.с.

Мына ушул эндүү жогоруда көрсөтүлгөн жактылар элдик оозеки тилде,анын диалекти,говорлорунда байыркы замандан калган этникалык диалектизмдердин калдыктары менен катар кийинки мезгилдерде пайда болгон территориялык диалектизмдердин көп корунуштору бар экендигин айгине кылды.

"Кең асыл жерде, сөз ақыл элде" деген макал бар. Ошонун сыңарындай журт ичинде, элдин тилинде алиге кагаз бетине түшөй, түшө да ар кайсы китептерде чаржайыт жүргөн сөздөр арбын, аларды бир китепке—диалектологиялык сөздүкко топтоо керек эле. Кийинки жылдары мен бул ишке бел байлап, акад. К.К.Юдахиндин сөздүктү редакциялоого берген макулдугу менен иште жарыялоого киришкам. Аны бөксөсү менен өкүгү болсо калк көрөр, алектен өткөрөр, сын берер, ошентсе бара-бара ал ишти жетилтип кетүүгө болот деп ойлойм.

Сөздүктөгү материалдар тилибиздин тарыхын талдоого, диалектилик, говордук атластарды жарыялоого, адабий тил менен анын диалектилеринин ортосундагы ич ара катыштарды аныктоого, адабий тилдин байышына көмөк көрсетүүгө мүмкүнчүлүк берет деп ниет кылабыз.

Ошентсе, ар кыл мазмундагы терминдерди тактап, андан ары өркүндөтүүдө алдык сөздөрдү терман катары пайдаланып кетүүгө чоң пайдасы тиймек. Мисалы: желек /кененин бир түрү/; пүтөн новыш /сайманын бир түрү/; бакана /тепкич, татыныш бут баса турган туура жыгач/; казык аяк /боорунда ачасы бар, ага бут коюп баса турган шыргый жыгач/; зувала /нан, кесме жасоо үчүн ийленип тоголок-тоголок кылган камыр/; кошкана /тойдо сыйлуу адамдар отуруп урмат көрө турган үй/, нагара /музыкалык аспаптын бир түрү/; оууловуч /капастагы бөдөнө, кекиликке суу куюп берүүчү идиш/; боркок /үйлү эмбесин үчүн музоонун мурдуна кийгизилүүчү тор:: кеп/; чүйкө /ич оорунун бир түрү, түйүлүп ооруйт/; кемпир чач /саздак жерде өсүүчү өсүмдүктүн ату/; салык, дөң, дың /унаага жүк

артуунун түрлөрү/; кызыл от /өсүмдүктүн ату/; наал /алы мөмө байлай элек, бирок жетилип калган жемиш өсүмдүгү/, бото мойнок /өсүмдүктүн ату/; кыркма /мал оорусунун бир түрү/; кыйкан /"чаканбеш" ойнунда кыршан үзата тигилген таштар/; көптүрмө /сүтке көптүрүлүп жасалган, акталган таруу же буудай тамак/; колго түшпөй /оюндун ату/; чаң /ооз комуздун бир түрү/; кайнатма, кыям /варенье/; айуу чөп /өсүмдүктүн ату/; түр /мүчөгө бөлүнүп коюлган чийкилей эт/, таңдай, ува /жылкы оорулары/; күлөө /үй, музоо, төөнүн тил оорусунун бир түрү/; алсанар /канаттуунун бир түрү/; эмек /тогуз коргол ойнунда үй-үйгө салына турган коргол/; алдеңден-алдеңден ал чабар /оюндун ату/; албөөлү, албоолу /жемиш өсүмдүгүнүн бир түрү/; эрва, эрбаасын /өсүмдүктүн ату/; эвелек /өсүмдүктүн ату/; кашалтыр /балыктын бир түрү/; козу көч /узак, алыс узабаган көч/; эмил /өсүмдүктүн ату/; газчөп, серап, айван, пешкаары /үй курулушунун терминдери/; тире оюу, килем оюу, казан кулак оюу, балан оюу, салынай оюу, алабакан оюу, тамак оюу /шырдактын оюларынын аттары/; таң, түура тилик, ойыо, көзөнөк, түйме, чек, солок, кесик, сырга, тончу, пышак, кумурска, канжыга, кез, сыпырги ж.б. /эн, чек аттары/; тикме эөр, калмак эөр, саяк эөр, анжыян эөр, кокон эөр, ойыо эөр /эөрдүн түрлөрү/; сүт эмалак, боз чаңгыл, теке чакыч /өсүмдүк аттары/; ыйман тал, самбил тал /талдын түрлөрү/ ж.б.д. у.с.

Көзде дублет—варианттарды семантикалык дифференциал аркылуу бир түгөйүнө бир маани, экинчи түгөйүнө башка маани берип, экөөнү тең болек-болек сөз катары колдонгон учурлари-

биз бар. Мисалы: дөбө "холм", төбө "макушка"; улоо /жүк жүктөй турган же мине турган мал/; унаа /ат-араба,минигич мал/; эреже "правила", эрезе /илгери чигарылып келген өкүм, токтом/; озуу "тыгчтык", үзүү "жиргал" к.б. Ушул үлгүгө салып,көздө лексикалык дублеттердин кай бирлерин бирине бир маани,экинчисине дагы башка бир маани берип,адабий тилге сиңирүүгө да болор эле. Мисалы,адабий тилде кол менен буттун салааларынын учундагы сөөкчөнү "тырмак", анын учуна чыгып,кийин алынып салына турганын да "тырмак" дейбиз. Ал эми диалектилерде биринчи учурда "тырмак",экинчи учурда "тырнак" делет. Эмне үчүн мына ушул маанилик дифференциянын үлгүсүн колдонуунга болбойт? Же оруска "варежки","перчатки" деген эки башка атоону "мээлей" деп алып жүрөбүз. Эмне үчүн бул сөздөрдү диалектилердин эсебинен биринчи учурда "кол кап",экинчи учурда "мээлей" деп атоого болбосун? Менимче, болор эле. Дагы бир мисал."Услужливый" дегенди—элгенчи, "фарфоровая тарелкани"—чыны лакепче,"фарфоровая чашкани"—чыны кесе,"фарфоровий чайникти"—чыны чайнек,"рисовая молочная кашаны"—ширин күрүч ж.б.д.у.с. сөздөрдү диалектилердин эсебинен /элге бүтүндөй болбосо да,белгилүү аймакта тараган сөздөрдү/ колдонууга неге болбосун? Менимче,болот. Бул өңдүү сөздөр ары бат тарап,ары тез сиңет го! Ушул аспекттен караганда тил маданияты боюнча иш жүргүзүүчүлөр үчүн да сөздүктүн көмөгү чоң болмокчу,аларга бай материал бермекчи. Бул сөздүк башка типтеги сөздүктөрдү,алсак,түшүндүрмөлүү сөздүктү;котормолуу сөздүктү, фразеологиялык сөздүктү,этимологиялык сөздүктү,омоним жана синонимдер сөздүгүн түзүүдө,

текстологиялык иштерди жүргүзүүдө да белгилүү дарамет пайдасы тиймекчи.

Бул сөздүк адабий тилдин лексикалык,орфографиялык,орфоэпиялык жактан унификацияланышына да,филологиялык изилдөөлөргө да өбөлгө бере алат деп ойлойбуз.

Адабий тилдин негизги—ички баюу булактарынын бири диалектилик,говордук лексика экендигин эске алып,айрыкча,терминологиялык лексикалар такталуу,толукталуу процессин өз башынан өткөрүп жаткан кезде биз диалектологиялык сөздүктөгү материалдарга кунт коюп мамиле кылууну күтөр элек.Кээ бир колдоптор диалектилик лексиканын кайсы варианты адабий тилге кирүү керек экендигин,этимологиясын көрсөтүп,кай бирлерине тыбыштык жана семантикалык "түзөтүүлөрүн" киргизүүнү сунуш кылышты. Бирок ал максаттар сөздүккө коюлбагандыктан, аны ишке ашырууну туура көрбөдүм. Анын себептери төмөнкүдөй болду: биринчиден, автор бул же тигил сөз адабий тилге тенип кетүү керек деп көрсөткөн менен да турмуштун өзүндө ал сөз адабий тилге кээде сиңип, кээде сиңбей калышы мүмкүн. Экинчиден, андай учурда автордук татымга карата суб"ективдүүлүк кетип калышы да ыктимал, бул маселенин чечилиши жүртчулуктун өкүлдөрү менен жүзөгө ашыш керек деген ойдо болуп, турмуштун өз сабагына жол болсун дедим. Үчүнчүдөн, этимологиялык талдоолорду /айрым бир учурда болбосо/ атайын жүргүзгөнүм жок,анткени ал өзүнчө сөздүктүн милдети, анын үстүнө филологиялык атайын камылгасы болбогон адамдар кээде сөздөрдүн тегин карап алып,анын турмуштук зарылчылыгына, илимий маанисине,эл ичинде тарап-бутактаганына карабай,тиш-

ны эффектиге назар салып,кол булган "кайдагы жок сөздөр" деген ойдо болбосун дедим, анан даги башка тилдердин диалектологиялык сөздүктөрүндө бул принцип колдонулбагандигин эске алдым. Төртүнчүдөн, адабий тилдин нормасына илайыкташтырып,кандайдыр бир "түзөтүүлөрдү" киргизүүнү такыр эле алгылыксыз деп ойлодум. Өзгөчө, составында "ө,өө,ҳ,х,ң,в" өздүү тибиштары бар сөздөрдүн адабий тилдик варианттарын көрсөтүүгө макул болууга илайык келбеди.Себеп дегенде,анда "касалмалуулукка",об"ективдүүлүктөн четтөөгө барып калуу да мүмкүн эле. Демек, эмне кылышым керек? Же "түзөтүү" бербешим керек эле,же кара өзгөйлөнүп ал "түзөтүү" принцибин колдонуп,сөздүккө бир кийла баш-аламан ишти киргизишим керек болучу. Мен "түзөтүү" принцибин колдонбодум дедим.

Мындай учурда менин кай бир оппоненттерим,өзгөчө составында "ө,өө" фонемасы бар сөздөрдү адабий тилге өткөрүүдө чатак туудурбас экен, ал качандыр бир учурда кыргыз диалектилеринин жөнүн, диалектологиясынын тарыхын билбеген бирөөлөр "диалектиде "ө,өө" тибиштары болсо,аларды адабий тилдин тибиштик составына киргизүү керек" деген маселе коюп,адабий тилдин унификацияланган тибиштик нормасын бузууга бел байлап жүрбөсүн деп чочулаштат. Менимче, эч качан андай болбойт, анткени "ө,өө" тибиши диалектилик кубулуш. Эгерде бул тибиш жөнүндө сөз болсо,анда диалектилик башка кубулуштар жөнүндө да сөзсүз айтууга болор эле.Андай болгондо адабий тилдин калыпка милдеттүү нормасын эч качан иштеп чыгууга мүмкүн эмес, тил маданиятын бийиктетүү да кийиндейт. Адабий тилдин орфографиялык негизи да бузулар эле. Демек,мунун өзү

"ө,өө" тибиштарын урунбай эле жаман келген адабий тил анчейин деле андан ары жалпыга толук мүмкүнчүлүгү бар экендигин көрсөтүп тургандыктан, ал жөнүндө маселе коюу, же кооптонуунун буюмсуз болуу--негизсиз жана келечексиз иш экендигин атайын эскертким келет.

Диалектилик сөздөрдү ар түрдүү аспектиде: диалектологиялык максатта,тарыхый диалектологиянын аспектисинде, лингвистикалык географиянын көз карашында, синхрондук жана диахрондук процессте, региондук масштабда,айтор, тарых, мезгил жана мейкиндик багытта түрдүүчө жол, түрдүүчө максат жана түрдүүчө метод менен изилдеп,талдап,үйрөнүп иликтесе болот. Лексикалык өзгөчөлүктөр,албетте, изоглосстук, башкача айтканда,ареалдык метод менен жазылып алынып, филологиялык талдоодон өтөт. Алар,мисалы,диалектилер менен говорлордун тарыхын жана таралыш чегин,алардын структурасын аныктоого көмөк берет.

Албетте,диалектилик же говордук чек катып калган линия болбостон,өткөөл жана толкун сымал зоналык көрүнүшкө ээ болуп, кеңдиги жана меридианы жагынан кичине чейректен тартып ондогон, а балким, жүздөгөн километрге чейин созулуп кетиши ыктымал, бирок ошол зонанын ичинде диалектилик өзгөчөлүктөрдүн пучогун түзгөн уюгу--ядро болот. Диалектология алынып диалектилик өзгөчөлүктөрдү талдай турган жана аныктап бапдай турган илим болгондуктан, ал лингвистикалык география үчүн,анын кеңири,терең жана жалпылагыч мүмкүнчүлүгүнө дацгыр жол ачып берет, өбөк болот. Демек,мында да диалектилик лексика чоң ролүн ойнойт. Ошон үчүн биз бул

керде,кээ бир тилчилердин диалектилик сөздөрдүн классификациялык түрлөрүн баяндоо жөнүндөгү сунуштарын эске алып,өтө кеңири болбосо да алар жөнүндө жалпылап айта кетебиз.Алдын ала айта турган нерсе бул: диалектилик лексиканы классификациялоодо диалектолог тилчилердин классификациялык принциптерин эске алып,сөздөрдү бир нече түрлөргө бөлүп карайбыз[I].

I.Фонетикалык диалектизм. Мындай сөздөрдүн тобуна диалект,говорлордун тибиштик нормасына туура келген,же тарыхий ареал жагынан өзгөчө тибиштик түр менен сакталып калган сөздөр кирет. Алар да ич ара бир нече топторго бөлүнүп каралышы мүмкүн. Мисалы: а/ түндүк, түштүк-чыгыш, түштүк-батыш /ичкилик/ диалектилеринин ич ара тибиштик нормаларына /с/з; а,е,ө//э; п/б; к/х,г; ч/ц; байыркы созулма жана азыркы кыска үндүүлөрдүн же азыркы созулмага диффтонг менен үнсүз - дөрдүн туура келиши өздүү ж.б. көрүнүштөргө/ байланыштуу фактылар: чөгөт//чөмөт//көөт; чөйчөк//чөвчөк//чөөчөк; чөмөгөн //чөнгүн//көөгүм//көөгүн; пацыз//пацыс /чырак/; чылдырман // чылдырман; чылтөн//чылтөн; чымелдирик//чымелтирик /кээ бир жерде бул капаттуу "көк шалкы" деп аталат/; чөңгөл /чөңгөөл чексе//чекөө; чекмен//чепкен; чүчүлдай//чүчүлдак//чүүлдак; чоң //цоң /цоң болсоң да жиланды өлтүр,дарахты өстүр -макал/;

I.А.В.Калинин, Лексика русского языка,М.,1966,стр. 122-130; сб."Слово в русских народных говорах";1968; фонетика современного русского литературного языка, Народные говоры", М., 1968, стр.131-196; Ф.А.Абдуллаев,Диалектал лугат тузиш принциплари хакида,"Узбек тили ва адабиети", 2,1966; Н.Мукамбаев, Киргиз тилиндеги жалпы алдык жана диалектилик лексикасы,"Киргизстан Маданияты", 89 /142/,24-сентябрь, 1969-жыл ж.б.

чөт//цөт; чөл//цөл; чөкүр//чүкүр//кичүр//цөкүр; кылыч//кылыц /кырда кылыц жаркырайт -табышмак:тегенин муйузу/; күч// күц; чык//цык /курук жерден эрт цыкпайт -макал/; чөп//цөп; чүкүрмө//чүүрмө /кечеттун бир түрү/ ж.б.

б/ Тибиштик составынын айырмачылыгы диалекти,говорлордун азыркы нормасына туура келбестен,байыркы көрүнүштү же коңшу тилдердин таасирин, ал гана туруун илгерки этностук издерди сактап учураган фонетикалык диалектизм сөздөр:чырва//чырма; чыпалак//чынчалак//чыпанак//чымчалак; чүргөк//көргөк; чүрөк//чүрек; чиркей//чирикей//чүркөй; чүпүрөк//чүрпөк// чүперек; хүүт//чүүт; чүкүрү//чүкүрдүк//чүкүлү; чүлдүй//чүлкүй; чүкүлдүк//чүкүлүк; чүцкүр//чүкүр; чылгоо//чүлгөн//чүлгак//чүлган; чүрка//чүра; чөөлмөк//көөлөнөк//бөөлмөк//чөөл//чөлмөк; көпчүк//чөпчүк; чыбык//чүбүк;чөккич//чөкич//чөкүч//чөкит; чөмө//чөма; кемирчөк//чемирчөк; чөрмий//чөрний /чиптама/; чечөк//чечөкөй /гүлдүн түрү/; чөлкөм//чөлкөмө; чик//чиге//чика//чүгө; шимүүр//чиимгит; чотол//котору; чорол//орол; чоңу//чоңур//чотур; чоз//коз; чоку//чоко//чого /чоң эне/; чолпу//молпу; чолток//молок; чомолой//чомелей//чомөлө; чуткону//чуткону /кээ бир жерде "хайра" деп аталат/; чөнтөк//көнтөй//чонтой; чөцкө//көцкөй //чөцкө//чойунке ж.б. Бул сыяктуу өзгөчөлүктөр "лексико-фонетикалык диалектизмдер" же "лексикалык дублеттик диалектизмдер" деп да аталып жүрөт.Айтор,кандай аталса да бул өздүү көрүнүштөрдүн себебин ачуу үчүн аларды билүү керек,каттоо керек. Демек,ошол үчүн алар да сөздүккө өз-өз орду менен киргизилди.

2.Морфологиялык диалектизм. Сөздүн уңгусу бир эле сөз

боло туруп,бирок ар кайси диалект жана говорлордун традициясы боюнча ар кыл мүчөлөрдүн жардамы менен ар башка жасалып учураган сөздөр "морфологиялык диалектизм" деп аталып, белгилүү бир изоглосстук чектерге тарап жолугат.Алардын кайси бир арсалдары көздө территориялык гана мүнөзгө ээ болбостон,этностук мүнөзгө да ээ болуп кезигет. Морфологиялык диалектизмдер диахрондук жана синхрондук жактан, ал гана турсун,структуралык жактан да эң баалуу материалдарды бере алат. Мисалы: чымчык//чымылдырык; чувалчан//чувалчык /ал көз бир жерде "сөй жыган//сой жыган,сөзлжан,кызыл курт,жок келим" деп да аталат/; чикит//чекилик//чикилик//чукалак//чилдик//чикилдек//чикилме//кавалакей//чикитмей /көз бир жерде анын "чапмай,чикитмей,кургыз чикилдек,илме чикилдек" деген түрлөрү бар/ //чигене//чикк//чикелдек; такырчак//такырчан /такырчан жерде таз ойноор -табышмак: күн/; анжай//онжака; чыркап //чирканак//чычкырканак; чылмышкаак//чылмышкаак; чымылдак//ынамалай /чайдын кумжак башы/; чын//чынжыр; сасык тумоо//сасытмоо; ойла//ойлагуч; кургак//кургун; качкаак//качак//качаанак, кчкаак//кчаанак; кутаак//кутаанак; кулгаак//кулаанак; кеңче//кеңирче; кетпек//кетпенек; басаак//басаанак; кылуу// кылык /тоңдуң кылыгын агеси билет -макал/, майда-чайда//майда-чайда; ашпоз//ашпозчан; ашкоо//ашкоо//ашкат; тунгуч//тунгуйок; ачуу// ачыгтыгы; ашык // ачыгынчак; ашыл// ашылтын //ашылык; ачыл// ачылдыр; ачалак//ачакей; ойноо//ойнок /ойноо ойнок// ойноо ойнок,ойноо ойнок//ойноо ойнок,ойноо ойнок//ойноо ойнок х.б. -ойноо түрлөрү/; селкинчак//селкинчек//селкинчек жаңы// селкинчек, ашкай//ашкайбас х.б.

3.Лексикалык диалектизм. Калпы элге белгилүү болгон реалийди /буюм-тайым,зат,кубулуш,элес,үн,ички-сезим,кыймыл,оң-түс,сапат,тулку ж.б./ жергиликтүү сөздөр менен туюнткан учурлар көп жолугат.Ошол сөздөр кандайдыр бир синонимдик катарды түзбөнсүйт. Алар тилдеги сөздөрдүн"лексикалык диалектизм" деп аталган тобун түзөт да,жергиликтүү диалектилерде чоң мааниге ээ болуп,көп учурда алардын бир варианты /көздө бир нечеси да/ адабий тилдин лексикасына өтүп кеткен болот.Буул бири-бири менен тецтайлашкан сөздөр региондук жактан белгилүү бир изоголосстук мүнөзгө ээ болуп,көздө "сөздөрдүн географиялык варианты" деп да аталат. Мисалы: чидер //кишен// түшоо; чилги//кааз// жолдук; чипта//ылынче// мүшөк; чирче// жука; чирки// кир-гок; чоон// чойчек; чонкоймо//очорулма; чонкой//очоруп; чолпот//жолдош; чокум//бозоо//пексиз; кийиз өтүк// кийиз чокой; чоко// ини//уйө//уке; чойнок//майпар// майрик; човот// кезек//ирет//новат; теше//чот; чорон// корс; чоркал// керен-керен; чокуч//чукулдук; чомуч//кол капик; чилпей//жулкуй; чака//ашпа//залал; чайсике//бйунпоз; чарман// курсан; чада// кубаныч//бат; чагдам// жакшылык; чуп//чит// чик//кет /этке карата/; чүмөк//чорго; чүмбөт//бет капкач; чүрөк//молок//пунак; чүргөө//ороон; чыканык//конога; чирайлык//сулуу; чипчан//тез //бат// ыкчам//ылдам// ажыраам; чирва//согум; чирам// келин; чомолок//дүңгөлөй// тенке; чуу// бек//таанык; чуугул//сүйлөч; сапчабынче//бөртпө; чүрөк//жалын; метин// кайра//кайтмат// чокуй // эң бол// бекте// чын; ачыгын// тиват чеп; чүрөк//ооор; чекелдирик// кокуйлдуруп//жокуй басып; асал//асел// бал; чекер// тактан; тиштеп// отуун; чеге// жеде; чертмек// комуз; чилик//

баткак; чыкчыт// чыкий; чымындык// сайабан; таранчы//бүрүлдөк// кут чымчык// каран чымчык; чымчуур//кичкач// аттын// кемпироос; агыл// малкана; чыгын// сууд; чигүү//чечек//жана // жапайы мончок; чыган// шаты// тепкич; чыбат// шыбоо; чылчык//балчык; чырмама//короолго; деленгит// шок ж.б.

Кайсы бир сөздөр белгилүү бир аймакта айтылып,экинчи бир аймакта айтылбайт жана анын тескерисинче да болот. Кээ бир синонимдер жанама да колдонулат. Синоним сөздөрдүн таралыш ареалын,изоглоссун аныктоо диалектология,лингвистикалык география үчүн чоң кызыкчылыкты пайда кылат.

Диалектилик жана жалпы элдик лексикалык көрүнүштөрдүн аралашып,чырмалып келиши—диалектилик лексиканын өнүгүү тарыхынын татаалдыгын, ал өзгөчөлүктөр диалектилик өзгөчө сөздөр менен архаизмдик белгилердин көпкөй гана суммасы эмес экендигин көрсөтөт. Ошон үчүн жалпы элдик тил менен диалектилердин тарыхын ачууда "географиялык синонимдердин" ареалын билүү чоң пайдага чечилет.

Сөздөрдүн географиялык синонимдеринин таралыш чегин билүү—диалекти,говорлордогу сөздөрдүн орун алуу закончемдүүлүгүн айкындоого көмөк берет. Диалектилик синонимдер адабий тил менен диалектилердин,региондук өзгөчөлүктөрдүн өз ара катышын жана мамилесин ачып билүүгө да алып келет.

Лексикалык диалектизмдердин ичинен этнографиялык,башкача айтканда,кептиликтүү турмуш-тиричиликке,чарбачылыкка, каада-салтка,маданий көрүнүшкө,өсүмдүк-зоокко,флоралык жана фауналык атоолорго,кептиликтүү гана буюм-тайым,курулуш ж.б. байланыштуу диалектизмдер өзгөчө орун ээлейт. Мисалы: Ка-

ши-Жол жакта "чакан// чаканбөш" деп аталган оюн ойнолот.Ал оюнга байланыштуу төмөнкүдөй термин сөздөр айтылат /бул оюнда балдар экиге бөлүнүп,суу таштарды жыйнап алып,бир жалпак ташты албай сүрүп сийда кылып,анан атышып ойнойт/: чымырылтуу /оюнду кайсы жак баштаарын аныктоо үчүн сийда таштын бир жагын "кургак", бир жагын "суу" деп атап,анан аны чымырылтып,түшкөн жагына карай оюн баштоо/; тизеге койлой /чаканды тизеге коюп атуу фазасы/, көрөнгү /оюндун өөрчүп бир фазасында утукту көчүлдө деп эсептөө/; көрөгүз /оюнда чаканды тигүүнүн бир жолу/; көмөч /чаканды топуракка бастыра тигүү фазасы/, желек /чакандын бир башын жогорулатуу үчүн алдына жыгач,таш коюу/; кабат /чаканды кабаттай коюу/; бет урмай /чаканды атуу фазасы/ ж.б. сөздөр айтылат. Ал оюн Памир жакта "чакмак таш// бет таш//топ таш" ойнунда төмөнкүдөй фаза аттары бар: кел_өчүк /ташгарды терип алуунун бир фазасы/; бет_өчүк /уттурган жакты кезалоонун бир түрү/; утуру-тетири /ташгарды оң-тетири кылып терип алуу фазасы/; козу /ташгарды терүүнүн дагы бир түрдүү фазасы/; түндүк /ташгарды салаадан бирден айдап киргизүү фазасы/; ороп,кичине ороп,чоң ороп /фаза аттары/ ж.б.

Баткен жакта ушул эле оюндун башкача аттары бар. Алар төмөнкүлөр: кәттә_коюнерп /эки ташты жогору иргитып,алар жердий түшкүчө жердегилерди жыпыруу фазасы/; тоок /бир ташты жогору иргитып,ал жердий түшкүчө жердегилерди сөөмөй менен бармакты бүрүштүрө коюп,оюндон өткөрүү фазасы/; гүвү /ойдо көкөлөткөн таш жыйылгычка сол колдун манчаларын тыкө чуштуйта коюп,алаканга жердеги ташгарды бирден терип алуу

фазасы/; киргиз үй /салааларды жерге тике коюп,арасынан жаптарды бирден киргизүү фазасы/; көпүрүк /төрт манчаны жерге калпак коюп,таштарды андан бирден өткөзүү фазасы/; бөөру пут /манчаларды кайчылаштырып,андан таштарды өткөрүү фазасы/; нан үзду /колдун аркасы менен жер таптап таш терүү фазасы/; нан жапты /үч ташты когору бургап,экинчи колго алакан менен басуу фазасы/; сүү септи /ташты когору бургап,анан жерди басып,кайра экинчи колго таш өткөзүү фазасы/; илей /таштарды колдун аркасынан алдын көздөй илип алу фазасы/; жеке ач /бир ташты когору иргитип,калганын имерип алуу фазасы/; дүкү-дүк /иргиткан ташты илерден мурда жерди таптап бир коюп,анан алуу фазасы/; сийир саалы /сөөмөй менен жер сийпап,анан ташты илип алуу фазасы/ ж.б.

Этнографиялык диалектизмдердин көп учурда адабий тилдеги эквиваленттин табуу да кийин. Бул өздүү сөздөр,эгер илайык келсе,келечекте өз аттары менен гана аталып,калпы өзге тароого мүмкүн. Этнографиялык диалектизмдердин ичинен адабий тилдеги жалпы түшүнүктү берген сөздөрдүн дифференцияланган конкреттүү исимдерин да табууга болот. Мисалы: "исириктин" Баткен жакта "талаа исирик,арча исирик" деген түрлөрүн; "өндүн" Өзгөн-Керге-Тал таралтаги "алдынан оймо, баканча оймо,конечегинен тилме,бүрүш өң,дык өң,тумарча өң, шара тилик,жалгыз гез,күрөк өң,үчү гез,кош чек" деген аттарын; жемиш өсүмдүктөрүн кийыштыруунун "найча// нәйча пайвант, күнде пайвант,мисканә пайвант" деген түрлөрүн ж.б. келтирүүгө болот.

Этнографиялык диалектизмдер тематикалык жактан көп

көп сөздөрдүн тобунан учурайт.

Лексикалык,анын ичинде этнографиялык диалектизмдердин тобунда кесипчиликке байланышкан сөздөр өзгөчө орунда турат жана өзгөчө маанige ээ болот. Диалект,говорлордо алиге нейин жалпы адабий тилде сүйлөөчүлөргө,жазгычтарга белгисиз болгон өзүнүн лексико-семантикалык өзгөчөлүгү менен мүнөздөлгөн өтө көп сөздөр жолугат. Мисалы: дыйканчылыкка карата: чикенде /узун эскөп пахтанын учун үзүп таштоо,антпесе түшүмгө зиян келет/; чинек /гүлү соолуп жетилбей калган жашылча/; чилдик жүзүм /жүзүмдүн бутагынан кесип тигилген көнөт/; чоодана /жыйденин чоң-чоң мемелүү сорту/; ак нават, бөтөк чоок /коондун түрлөрү/; чомок /жүгөрүнүн мардеги/; пак мала /бутак-карагандуу тал,чырканактан жасалган мала/; чүрөөкү /жүзүмдүн өңү ак бир түрү,сорту/; чүкума// чүкулама жаңак /жаңгактын бир түрү/; эшек алма,истакан алма, орус алма /алманын сорттору/; чүйүр /данды калбырдын бир түрүнө салып тазалоо/; чигит /өрүктүн бир түрү/; чавек /чала оролгон пилла/; көк чигит,кара чигит,ак чигит,мас пахта, лента пахта,пунту пахта,жайдары пахта,мала пахта /пахтанын сорттору/; чүчүк /тамекилердин майдаларын илип койгуч/; чакмак /дарбыздын бышкан-бышпаганын билүү үчүн үч бурч кылып салынган оюк-кесик/; побел /күрөктөп жер айдоо/; ирсай /буудайдын бир түрү/; өгөт /пахта,жүгөрү ж.б. айдоо аянтарындагы ичке арыкча/ ж.б.

Токуучулук,саймачылык,узгерчилик,кийиз-килемчиликке байланыштуу сөздөр: кийим /кездеменин кесиндиси/; чөпчөмө /кездеменин бир түрү/; авайы үртүк /үртүктүн бир түрү/;

силан шайы, кум шайы /шайынын түрлөрү/; китай шак,жийде гүл,пат гүл,жарти шак,кирк шак,кинкан кочөт,гүл кеште,комуз тил,чүүпа,москувэ чөт, булбул чечке,оймок ахары /кочөт,сайманын түрлөрү/; тикен// дикэк /ат жабуунун бир түрү/; чырмап /ичкирдин учуна чигарылган коош чачы/; чыдоо /килем токууда жиптерди керип даярдоо/; чүйкө /эрштя чыдаган кийин жийлип алинганы/ ж.б.д.у.с.

Когоркудай кесип сөздөрүн чогултуунун практикалыктаанып билүүчүлүк мааниси бар.

4.Семантикалык диалектизм. Кийла учурда жер-жерлерге бирдей тибиттик түзүлүштө тараган сөздөрдүн берген маанилерия боюнча айырмалар жолугат. Албетте,алардын тарихий-лингвистикалык себептери ар түрдүү. Андай сөздөрдүн тобу көбүнө "маанилик диалектизмдер" же "мааниси боюнча айырмаланган диалектилик сөздөр" деп да аталып жүрөт.Мисалы: чүү басар /I.куда-сөөк болгондо адегенде бир аз жолун килип,куданын алдына сый-сыпат менен баруу; 2.конуз күүсүнүн аты/; жүз бап /I.жүз ууктуу боз үй; 2.жүз адамдын башчысы; 3.арабанын айылген шадиси бар жапма түрү/; эзек /I.анатомиялык термин; 2.чыкит чабуу ойнунун бир фазаси/; эмчек /I.анатомиялык термин; 2.чыкит ойнунун бир фазаси/; жап челек /I.өзү үчүн салып ичкен боюо; 2.үйүнөн даам бербеген адам/; жем челек /I.ит аяк; 2.боо кичине адам/; чозмо /I.рагатка; 2.май токочтун бир түрү/; чүлү /I.ысык суюга салынып жибитилген өрүк/ 2.өрүк компот/; чытыр /I.өсүмдүктүн бир түрү; 2.карта ойнундагы майда чибирлуу келген өңдүүсү/ ж.б.

Сөздөрдүн маанилеринин өскүрүп же жацырып,кеңейип же

тарып туруусуна ыйкемдуу келгендигинен улам доорго,заманга жана тарыхий шартка,социалдык-лингвистикалык себептерге, территориялык чөйрөгө жараша анын семантикасында жылыштар болот. Албетте,алардын семантикалык жылыштарынын арсалын мезгил жана мейкиндик жактан азырынча өтө так берүүгө мүмкүнчүлүк болбой жатат,бул бир четя маселенин өтө татаалдыгынан болсо, экинчи четинен бизде лингвистикалык географиянын кулач жайып өнүгө электеганен болууда.

БАЛТА чүй I.бармак /сөз ойну/; балта,араа /сөөмөй/,теше /ортон/,мпо /аты жок/,жүз /чыпалак/; 2.батк. киз-кыгыт адеп кошулганда төмөгүн балта менен бөстүрүп коюу керектөсү; ай балта батк. заводдон жасалган отун жаргыч балта; магазинден бир ай балта алдым; кыргыз балта түшт. колго ссмдолуп жасалган кара балта; базардан бир кыргыз балта сатып келдим; орус балта атб. ак балта /жаагы кара балта/; чөкүч балта өзг. чукулдук сымал кылып жасалган балта; чөкүч балтасын сурап келчи; балта чабар жүмг. I.кол башчынын жардамчысы; балта чабар саламдашып кирип келет; 2.пач. кол арага караган бала; онун баласи балта чабар; балтам тап түшт. окшдун аты; чөп жаңырмай,сокур теке жаңырмак,балтам тап деген ойундар болгон.

БАЛТАЙ: көк балтай ноок. көк мелтей; тил өзөрү көк балтай.

БАЛТАК батк. балдак; балтакты буту чолок үчүн алып жүрөт да.

БАЛТЫК чок. балдак; балтыкты таштады.

БАЛТЫР лейл. жүндөн токулган балтыр орооч; э,келгиле,балдарым,имне жумуштап жүрөсүнөр?,балтырды таап алайын.

БАЛТЫРКА": ай балтыркан түшт. балдыркандын бир түрү /төөнүн токойлуу тескей беттеринде чыгат да,элдер анн сууга туз чылап малып жейт/; ай балтыркан солкулдак /түндүк говорлордо ал "элик балдыркан" деп аталат/; айуу балтыркан чатк. балтыркандын бир түрү; шагил-шагил беттерде өскөн айуу балтыркан малды умуктурат /Ак-Талаа, Тогуз-Торо жакта бул өсүмдүк "айчачы" деп аталат/; кызыл балтыркан тпщ. балтыркан өсүмдүгүнүн өңү кызгылт,желе турган түрү; көпрө жакын,көл ыраак,кызыл балтыркага баравыз; үй балтыркан түшт. сасык балдыркан; үй балтыркандан таап кел; сасык балтыркан сасык жыты бар,кызгылт өң ала турган балдыркан; элик балтыркан төөнүн салкын жерлерине чыга турган,жаны жалбырактуу,түктүү балдыркан.

БАЛЧЫК батк. балчык; лайлы көп көпсө балчык болот,көп суйлөсө палчык болот /мак./.

БАЛЧАК чүй чакыттын баласи; а,ако биз окуйбуз,балчактын керегн эмне?

БАЛЧЫК батк. өсүмдүктүн аты /саздак жерге чыгуучу ичке сабактуу,ичке,тарбагай бутактуу өсүмдүк/; э.жүдө болот, келгенинер жакшы болуптур,балчыкты таап келем /кээде ал өсүмдүк "чеченлдир" деп да аталат/.

БАЛЫК өзг. I.балыктын элесин берген сайма-кечеттүн аты; 2. чүй чалгынын кулагы; чалгынын балыгы сыныптыр; ай балык түшт. балыктын бир түрү; ай балык,чаар балык болот; ак балык өзг. I.бир жагында жаната эки ачалуу баш бар кылан; ак балыкты дэри кылат; 2.батк. балыктын бир түрү; ак балыкты көрсөтөм /бул сөз казак диалектасында да бар, анда орусча "кутум" деген балык маанисинде колдонулат/; алтын балык пам. губка сыяктуу балыр сымал келген нерсе /жергиликтүү адамдар анн абдан жууп тазалап ылыкке салып,устүнө кайнатылган чай куюп,кумшекер кошуп,бир сутка коюп,эртеси үч-төрт катар маалдан таптаза сүзүп өткөрүп апан ак казанга дари катары ичет.Бул көрүнүш памирдик кыргыздардын арасында кийинки жылдарда пайда болгон оңдуу/; бака балык батк. баш бака сымал келген балыктын түрү; бака балык агын сууда болот /этин жейт,сөөгү аз болот/; бака баш балык ккол. баш бака сымал болгон,суунун түбү менен жүргөн балык; бака баш балыктын курсагы жалпак болот /эти желбейт/; гүл балык батк. балыктын бир түрү /чаар ала темгили бар балык/; гүл балыкты көрсөтейүн деп таппадым; ит балык пам. I.балыктын бир түрү /эти желбейт/; жергиликтүү адамдар бетинде сепкили бар киши ал балыкты тикирейип караса,сепкили көк болот деп эсептешет/; 2.өзг. ит чабак; ит балыкты карабайбыз; кара балык көк. маринка; Түптүн суусунда кара балык болчу эле; карахөн балык пам. курсагы ак,жону кара балыктын бир түрү; карахөн балык агын сууда жүрөт;кой балык балыктын желе турган түрү; жей турган балыкты кой балык,жевей турганын ит балык дейт; лака балык батк. баш жалпак,жону кара балыктын бир түрү; мырза балык,көк. окун симал келген балыктын бир түрү; мырза балык,лака балык,ит балык бар; осмон балык пам. курсагы ак,жону бир аз каралкын балыктын түрү; осмон балык чоң,кара бозгуч келет; тилле балык жерг. кызыл чаар балык ; тоо балык батк. тоо суусунда жашоочу балык; сут балык кочк. балыктын бир түрү /кара сууда болуп,ону ак келет/; бизде ит балык,сут балык деген болот; балык сырты пам. үйдүн балык жон килип салынган үстү; балык сырты үй экен; балык тиктемей пам. бөрүнда бар аял көкүс суудан балык көрүп калса,баласы ага окшошуп калбасын деген ниет менен ани тиктөө жөрөлгөсү; балык тиктемейди айтып берейин; балыктай сызуу ачкан ♦ пам. катуу чарчаган адам.

БАЛЫКА өзг. бала-бакыра; мектептен чыккан балыкалар.

БАЛЫКЧЫЛ түнд. балык илип жей турган канаттуунун аты /бул сөз "балык" жана "чыл" күч деген сөздөн деп эсептелет/.

БАЛЫ сүз. машинанын доңгөлөгү; ону биз балын деп айтабыз.

БАЛЫШ ичк.,түшт.,зам. бир адам үчүн жасалган жаздык; балыш жыртылып калды; бахмал балыш жерг. бахмал товари менен тыштанган качине жаздык; бахмал балышты алып кел; көз балыш лейл. тегерек-тегерек курактан жасалган жаздык; жүктөгү көз балыш жаздын курчун алат; курак балыш батк.

бетине курак салып кооздолгон жаздык; курак балыш ак үйүмдүн кутундай; желе балыш баток. сүйрү,ичке,тоголок жаздык; желе балыш,кекте балыш болот; оймо балыш кооздолуп жасалган жаздыктын бир түрү; оймо балыштан бир нечесин жасаган экен; папак балыш чоң-чоң курак менен жасалган жаздык; папак балышын жүккө жарамат экен; пар балыш мамык жаздык; пар балыштан койуп бер; парпирак балыш бетине /чеке жагына/ үч-төрт жерине тегерек гүлдүн формасы салынган кооз жаздык; үч парпирак балыши бар; тикме балыш кооздолбой,жөн гана товардан тынталган жаздык; бирине тикме балыш,бирине көз балыш беришпти; балыш жыйчуу баток. эки "мазраптын" ортосундагы жаздык жыя турган жай; балыш жыйчуу тар экен; балыштын көзү өзг. балышка салынган тегерек-тегерек кооз сайма; тигги балыштын көзү деген кекте.

БАЛЫШТЕК ичк.,тал.,"чигененин кочкорегин" бири-бирине бириктире турган туура жыгач; чигененин балыштеги оюнып калыптыр;чапардын жээгине коюлган жыгач; чапарга балыштек алып кел.

БАМАЗА,БАМАЗЗА жерг. таттуу; лагманды бамаза жасаганы.

БАМЖЫ жерг. ойлуу; Кахар эже бамжы киши.

БАНАЛА-кочк. бош калкалоо,пааналоо; айла кетти,баналаган айыл жок.

БАНАР иск.,чүй панар; ой,кемпир,банарды жарык кыл.

БАНАРА тинт. фанера; жакты банара тура.

БАНАРАС баток. товардын бир түрү; маркөзө,тиринке,банарас, бамази бар.

БАНГЫЧ кашк. балчык; эшикте бангыч.

БАНД жерг. I.суунун кулагы байланган жер; 2.өзг. колду бошоо,бошотпоо; банд болуп кол тийбей,кол бошобой; банд болуп кеде алвади.

БАННАМ баткч. аттын бут оорусунун бир түрү /шийрагы шишип оруйт/; аттын пайчасы шишип оируса,баннам дейт.

БАНТ баток. I.бактылар ырыдан түйүп берген жип; жинди байлайм деп бант түйгон; 2.оюз.кум-жам; тай эт болгончо,эр бант болот /мак./.

БАН жерг. I.мат килуу,сөзгө жыгуу,мойнуна кою /сал.таз. бан/; бир азга бошоткула,досум менен коштошойун деп бан кылат; 2.баток. кумар ойнундагы үстөк; бан,кетсе он сом кетер.

БАНБАН иск. илгери калмактар жашаган жерде айыл башкарган администрациялык чиндин аты; банбанга нуркап келет.

БАНГИ жерг. арыктын суу бура турган кулагы; бангилардын хаммасын бекиттим.

БАНКИЛДА-тинт. банкилда; көпкө банкилдап толгоно берди.

БАОБРУЙ жерг. авторитеттүү; балам,сен да баобруй бол.

БАШ I ичк. "желжемиңдин" төрт бурчталып никталып басылган тайы /муну адегенде "желжемиңди" орун,четтерин ичине карай кайрып,бышыктыган кырк сантиметрге чейин которуп,үстүнө оор таш бастырып,никтап,жасайт/;бир бап желжемин ордум.

БАШ II түшт.. бактынын ак ургандагы үнүн тууроо /сырдык сөз/ бактыга барсаң бап дейт бүбүгө барсаң тап дейт,моллого барсаң,алдап алмак үчүн ак дейт /мак./;карнайчадан бир бап ↑ жерг. болсо болор,болбосо жок.

БАП III иск. кишинин элесин берген байыркы балбал таш /монгол тибин элестеткен бул "бап" таштар илгерки Кырмонту менен Ишатанын ортосунда көп болгондугу эл оозунда айтылат. Алардын көбү узун мурут,кайык бет,кыртач мурун,чукул көз чачын киргизген адамдын элесин берер эле.Көз бөөлөрдүн оң колунда аяк сымал идиш тургансыч деп.Ошондой таштардын айримдарын 1960-жылдан кийин эле Кырмонту менен Сарыбулактын ортосундагы жол астындагы айдоо аянттарынан /жол жээгинен/ табылганын өз көзүм менен көргөм/.

БАПА I түшт. ооба; акыры туура бапасыз.

БАПА II цам. 1.кардамчы,жолдош; кош,бапам,мен кетип жатам;

2.тоң кыргыз уруусунун аты; илгерки заманда бапа деп турган бир айылдуу эл жашаган.

БАПА III баяк. мурт кеткен өлүм; 1916-жылда бапа өлүм көп болгон.

БАПА IV жооп. баба; бапам кайда,сен дүйнө?

БАПАЙ I өзг. оорукчан; бапай бала экен,ич бир конулу ачылбайт.

БАПАЙ II баяк. 1.карыя;чал; "эси жок ат эесин сийлабайт,ичи харам эл ичинде жыргабайт" деген мәтал айтты бапайым;

2.адб. чоң келишимдүү адам; бапай деп чоң кишини айтат.

БАПАЛА-баяк. ваш; э,бапалап турганын кара.

БАПАЛАК; аксак кемпир бапалак түнд. оюндун аты; аксак кемпир бапалак ойноп жүрүп ургат.

БАПАЛАТ-жооп. тез иштин жыберүү; бапалатып ий.

БАПАН I түнд. чексиз; бапан талаада жүрүп,бир катынга жолугат.

БАПАН II чүй чачылган нерсе;башың бапан,айагың сапан болор!

БАПИ ал. жүз аарчынын чачысы; дасторомолдун баписи жакты,

БАПЫЙ I-кашк. апсай,үксөй; ол үйдөн бул үйгө келди бапыйып.

БАПЫЙ II атб.к.элебапый; ууда жүрүп элик бапый көрөт.

БАПЫР: бапыр-тапыр түшт. дүрбөгөн киймыл; класс ичи бапыр-тапырга толду.

БАР түшт."жок,болбойт,кете бер" деген сыяктуу ар кыл маанide колдонула турган жоопчул сөз; ээ,кызым,эйде тур десем "бар" деп койду /бул сөз балдардын гана речинде көрүлүгат/; бар бәрәкә өзг. соода жүргүзгөндө макулдукту алуу үчүн айтылуучу сырдык сөз; бар бәрәкә,ич кимге айтпа; бар болун түшт. саламатчылыкты сураганда алкоо жана жооп иретинде аялдар айта турган сөз; бар болун,баланыз кайда?; баргалы болду жерг. барганы калды.

БАРААН: бараан-тараан батк. очор-бачар; ол үйүл бараан-тараан болуп кеткен.

БАРАВОЗ лейл. ээн боз талаа; Дөш-Рават баравоз.

БАРАДАР жерг. буралар,байке; баралар,иштер ыңдай болду.

БАРАЗАТТУУ чүй салабаттуу,ооматтуу,белсемдүү,кудуреттүү; баразаттуу адам экен,ага ашык болуп калыптыр.

БАРАК I жерг. миф. учкул ат; баракты минип пир жетет.

БАРАК II батк. 1.көзгө сонун көрүнүү; көзгө барак көрүнөт.

БАРАК III ноок. самсанын кат-кат кылып жасалган түрү; баракты бизде йөм жасайт /мунун ичине майдаланган эт,пияз,ж.б. салынып жасалган тамак/; бараки чыкпаган ◊ кат-каты жазылбаган; казан барак казанга майга бышырылган барак самса;тандыр барак дандырга бышырылган бараки самса.

2.жерг. кара топурактуу,семиз,жакшы жер; барак жакшы жерлери бар; 3.чүй уруунун аты; атасы:"тапса,отол баректин кызын ала койоун" деп койот; ак барак жерг.,лейл. ирдалып,обон аралаштырылып чертиле турган күү /илгери Ак барак аттуу жигит мергенчилик кылып жүрүп,өлүмгө дуушар болот.Күү отол окуя жонүндө ир менен ирдалып чертилет. Экинчи бир вариант боюнча илгери бир эл башкарган ага болуп,анын Ак барак аттуу жалгыз уулу болгон экен. Ал жийрма жаа курагында Нарын дарыясына жылкы сугарганы айдап барат.Барса ейүздө бир кыз,эки келин суу алып жатышып. Алар чакырып калат.Жигит аларга барам деп сууга агып кетет. Күү отого карата чыгарылат.Анын комогу да бар/; зар барак баттк. кийимдин бир түрү; зар барак кийип күлпурат;

БАРАКАТ; кош баракат чүй кенебес адам; үйүндө ыракаты жоктун талаада кош бараканы бар /мак./.

БАРАЛ жерг.,лейл. 1.ыйгылык; иштин баралын берсе,тез эле бүтөсүнөр; 2.пам. маани; баралын жок бала экенсиң; барал алвайт-зам. уучулукта жол болбойт.

БАРАЛГА өзг. бой жеткен кез; кырк кыздын ичиндеги баралгасы мол экен.

БАРАЛДУУ пам. жакшылык ниеттеги адам; баралду жигит экен.

БАРАМЧЫ өзб. барам го; акаларыма анан барамчы.

БАРАНА пам. жакшы хүгүм; бардын баранасы жүгат,жоктун хоор таңы хүгат /мак./.

БАРАН; кек жал баран атб. отводунун үсту кырлуу келген илгерки кара милтиктин бир түрү; кек жал баранды бербей койот; көгүш баран пам. канаттуунун бир түрү.

БАРАНСОЗ пам. жибек кездеменин бир түрү /сал,шалпар/; барансоз тушту деп кабар берет.

БАРАНЧЫ тунд. аппрткыч; ай баранчы да,экөө саламдашып отурат деп айтып жиберди.

БАРБАК жерг. ичи тар; э барбак-барбак деп эле тым болдун да.

БАРБАНДА-тушт. дүкүлдөп жүрөк согуу; жүректөрү барбандап жатты.

БАРБАК жерг.этн. жаңы кар жааганда кардын күттүктап балдардын бирөө калган балдардын өтүнүчүн кагазга "коюу сойосуң,палоң басасың,барбаган сиздики,өнүмү биздики" деген өндүү кат жазып алып,эч кимге көрүнбөй адресаттын үйүнө жеткирүү ойну /орп.түн ичинде өткөрүлөт.Өтүнүч кагазда конок кылуу же белек сатып берүү ж.б. жонунде жазылган болот.Кабарчы эч кимге көрүнбөй келип,үйгө кирери менен кагазды таштап качат.Көрүнбөй качып үйүнө кетсе,мээрей карылардыкы,кокус бирөөгө көрүнүп калса,мээрей карыгандыкы болот. Кабарчы кармалса,анын бетин көлөп,эшекке тескери мингизип,элди кыдыртып,каалаган жазыкты тарттырат/; э,дооуп,барбак ойноосок,хуп болот.

БАРБАКТ жерг. таң эртең менен; саар барбакт туруп шо иштикыл.

БАРБАНА тал.,нок. барпана,шайтан көпөлөк; барбана болбо,эки тулпар току,жети качырга дилде жукто.

БАРБАСТА жерг. күчтүү,балбан; отун көтөрген адам барбаста экен.

БАРБАС ош үйдүн үстүнө салынган кичине устунча /кары устунга караганда ичкерээк болот да,бири-бирине жакын 1-1,5 м.

аралыкта коюлат/; барвосту болкоп кой.

БАРВОТ керг. жогодун житип кетүү,дайынсыз расход болуу; ма-арда жүрсең,пулуң барвот кетет.

БАРГЕК I лейл. элечектин үстүнөн кийилген кооздук; баргек келектин үстүдөн кийилген,ону жүдө эпемдөгөн; 2.зам. келиндер мандайына тарта турган асем,кооздук; өгөй эненси бир баргек берет; 3.батк.,лейл. сөөгү алынып таштанып,эти кургатылган өрүк; сөөктөн ажыратканы--баргек; 4.брошка, төөнөгүч; дүкөндөн баргек сатып келди.

БАРГЕК II зам. майда,тегерек,мончок сымал тоголок баш ала тур турган өсүмдүктүн аты; баргек мончоктой баш алат.

БАРГЕКЧЕ лейл. I.он үч эрим жиптен согулган таар; 2.кечеттун аты; көп күндө баргекчени токуп бүтөт.

БАРГЫ өзг. уруунун аты /"барги" өз ичинен "кара барги",сары барги" болуп бөлүнүп,Өзгөндүн Кара-Кулка тарабында жашап келген.Сал. бай.түрк. баргу "олжо"/; баргынын айлына барса,бир түн терек турат /бул этноним монгол тилинде да "баргизин.баргу.бүрят" болуп жолугат/.

БАРГЫЧ өзг. бир жакка барууга камынгандык; анды менин ам баргычым кевей калды.

БАРГЫЧАН ад. баргычакты; үйгө баргычан,мен күтпөйм.

БАРДА I иск.,тянш. I.кийим жапкыч; бал-тоону барда менен кой; 2.эшик,терезе парда; терезенин пардасын тарт; 3.фартук;

БАРДА II-кочк. көздү бадырайтып;алайтып чоң-чоң ачуу; денин соову,көзүмдү бардап-бардап алдым.

БАРДАМ керг.,лейл. I.алдуу,күчтүү; атам.бардам жүрөт; сала-мат,бардам,кандай жакшы жүрөвүсүң? /учурашканда айтылат/; бардамбысыз? салоом алейкум!; 2.берешен,март.

БАРДАМДУУ ичк. ал-күчтүү,кубаттуу; байлыгы бар,бардамдуу адам.

БАРДАН тянш. I.табарсык; эр барданы бек болсун,ат барданы бом болсун /мак./; 2.өзг. каминтан тегерек сүйрү килип токуп,ичине буудай салып,шыбап сала турган бойро; бир бардан буудай бет чейрек чыгат.

БАРДАШ акт. ал-күч,кубат,албет; оп,бардашына баракелде; бардаш кыл тянш. токтоолук,сабырдуулук кыл; улам бардаш кылып улам көгөрөт.

БАРДАШТУУ батк. I.сабырдуу, токтоо; бардаштуу бала экен; 2.зам. чыдамдуу; өмүрүңө бардаштуу бол,балам.

БАРДЕК чүй жүгөрүсү чыгарылган сото; бардекти жийып болуп уктап калат.

БАРДОЗ керг. ал жапкыч /Ат-башында "этек кап" деп аталат/; бардоз,жийе,чарапзал,лойа,эгер,чачык деген сөз бар.

БАРДЫ: барды келди өзг. I.адамдардын бири-бирининкине барып келип интимак кылуу жөрөлгөсү; билеселуу киши барды-келдиге жакшы болот; 2.оюн.,батк. килем согууда жиптерди чатыштырбас үчүн ары-бери жылдырып туруучу узун ичке таякча; барды-келдиге чымчык конуп турат; бардыбы-барганбы батк. бардыбы--барган жокпу? /антоним сөздөр коштолуп айтылып,экөө тең суроо иретинде сүйлөнсө,анда экинчи компонентке "бы" мүчөсү калганбай калат: жакшыбы-жаманбы = жакшыбы-жаманбы,кәттәви-кичик=чоңбу-кичинебе;эгизби-паосбайкпи-капизби?../.

БАВДЫКТЫР-кочк. тердетип,чааликтырып өкүлдетүү; буурул атты бардыктырып бат эле келди.

БАРҢАНДА-ноок. баркандап кубаныч менен кишинин тосуп алуу; ого барсаңар,ол баркандап өлөт.

БАРЕНДЕ тал. к. паранда; харадар болгон баренде кыйналды.

БАРИК тал. жалбырак; күзүндө тал-теректин бариктери түшөт.

БАРКАНДАР лейл. к. бархадар.

БАРКЕЧ I түшт. күйөө баланын кайнатасынынкына берген белекбечкеги; Урпукандын кызына баркеч берет.

БАРКЕЧ II түшт. сайманын бир түрү; баркеч салып тикken коо-

БАРКЕЧТЕ-түшт. "баркеч" түрүн салуу; баркечтеп сай.

БАРКУ өзг. жумшак; коноктун алдына барку сал.

БАРКУТ ичк. баркыт; таз баркут тал. түгү жок баркыттын бир түрү; ээ,апа,таз баркут бар бекен?; тай баркут түгү түшпөй турган баркыт; тай баркут алдыңбы?; үй баркут чүй түгү майда баркыт; учма баркут түгү тез түшө турган баркыт; учма баркутту алвай койсоң болбойбу?; чий баркут чүй ичке жол-жолу бар баркыт; алты метир чий баркут кооюк берди; пом баркут түшт. баркуттун бир түрү.

БАРКЫ пам. уруунун аты /бул сөз көз бир тектеш тилдерде "I.аялдуу адам;2.үй-бүлөнүн ээси" деген маанide учурайт/; сумсунун барбы?-деп,бир баркыдан сураптыр.

БАРКЫРА-жкол. I.кайдаңда; кирип жүүп баркырайт,ай тийгендей жаркырайт; 2.ичк. жаркыра,жалтыра; пианер—танкы чолпон жылдыздай баркырайт.

БАРМАК түшт. I.бармак сымал түрдөгү сайма; 2.жкол. тең

арта турган аркандын кыска учу; аркандын бармагын түйүп кой; бармак асты жерг. чикит ойнунда баласын бармактын астына коюп,анан түшүрүп чабуу фазасы; бармак асты бармак үстүдөн мурда келет; бармак баалы пам. I.бир түкүмдүн,бир айылдын башчысы; 2.бир топ элдин тиңи; "данек кичине болсо да,чагып маңызын көр"-деп мәтал айтаар эле бармак баалы; бармак басым жерг. эң кичинекей баштыкча; атасига бармак басым халта берет; бармак бойу пам. кичине,кичинекей; ол бала--бармак бойу; бармак тиштемей пам. I.эркек бала бой жеткенде эт тууроо сыноосунан өтөөр алдында чоң тууралычынын бармагын тиштеп жол алуу жөрөлгөсү; бармак тиштемей болгон; 2.түнд. жаш аңчынын адегенде бата алып, аңга чыгуу жөрөлгөсү; ээ,балам,бармак тиштемейден өт;бармак үстү жерг. чикит ойнунда баласын бармактын үстүнө коюп,анан түшүрүп чабуу фазасы; бармак үстүдөн кийин сөңгүл болот; үч бармак түшт. сайманын бир түрү /сал,таз айак/; үч бармак сай деп буйрук берет;

БАРМАКАЙ жкол. боорсоктун бир түрү; бармакай,чозмо,патир,тибит деп жат.

БАРМАКЧА батк. жилемге салынуучу кочеттун бир түрү; башкарган жагына бармакча салып койдум.

БАРМАЛЫК жерг. канаттуулардын /келгин куштардын/ учуп келер жана учуп кетер мезгили; бармалык/к/а чигаарда жети күн уктайт.

БАРПА лейл. түзүлүү; он жетинчи жылы Совет өкмөтү барпа болуп,күмүшекер,оникат берип,жардам кылды.

БАРПЫ I ан.,тал. өсүмдүктүн аты; барпы жулам деп үч жолу ин-

тылат;ак барпы өсүмдүктүн аты;ак барпы Алайда өсөт /орусча-"зеравшанский",уулуу өсүмдүк,малга зыяндуу/; кара барпы тал. өсүмдүктүн аты; кара барпы Чаткалда да,Таласта да өсөт /орусча -"таласский",уулуу өсүмдүк,малга зыяндуу/.

БАРПЫ II: сары барпы тал.,кочк. 1.канаттуунун аты; сары барпы куштардын чечени; 2.комуз күүсүнүн бир түрү /бул күүнүн 16 вариантын Ниязаалы деген чоң комузчу черткен экен дешет/; Таластын сары барпысы тал. күүнүн аты; кара барпы чүй бүркүттүн бир түрү.

БАРС өзг. айбандын аты; барс өлөнүп сулкуйат.

БАРСАКА батк. чакмак ойнунун бир фазасы /мында жердеги таштар колго бир-бирден топтолуп,анан кайра жерге коюлуп,тоо менен алынат/; барсаканы ала алвай инандым дейт.

БАРСКОМУН тал. дөшү; барскомундун үстүнө койуп чаптым.

БАРСЫЛДАК түп майда мөмөлүү кемпир өсүмдүгүнүн бир түрү; укканды кынан далай жолу барсылдак жедик ээ.

БАРТАЛ түшт. жүк артылган улоо мал; жетелегени бартал,"макул сага тийем" дептир.

БАРТАН алб. жыгач өсүмдүгүнүн бир түрү; бартан чал аза-музага октом,тескейге өсөт.

БАРТЫНАЙ түнд. портной; айылдагылар аны бартынай деп койушат.

БАРХАДАР лейл. пайда,береке; о,бечара бархадар таянч.

БАРЧА I тянш.,суз. жалпы эл,көпчүлүк журт; күрүч жаныбар баарчага маалым тамак; баарчага баравар лейл. жалпы,тегиз бардей; тура тур,баарчага баравар бала болот.

БАРЧА II нок. парча; бар-бар үндүү,барча таштуу.

БАРЧА III лейл. сөзү түшүнүктүү адам; атаң галча эле,сен барча болгун.

БАРЧЫЛЫК түшт. молчулук,жетишкендик; дүнүйө барчылыктын көркү тура.

БАРЧЫН: кара барчын нол. кыраан бүркүттүн бир түрү /бүркүттүн бул түрү Каптайл тарапта болот дешет/; кадимки Каптайлдын кара барчын.

БАРЫ нам. баары; чечендин бары уз болот,чечилбес дөңгө дөңгө.

БАРЫМТА ал. 1.карыз; барымтага берип турчу; 2.түнд. аламанга салып тартып,бүлүндүрүп алуучулук; барымта кылып чаап кетет.

БАРЫШ: барын жат барыш батк. чүкөнү аткында бир тоскоолго учурап калса,кайра атуу фазасы.

БАС жарг. болду! жетишет! токтот!; бас кылдым,ичпейм.

БАСА I нок. 1.дагы; баса дагы эмне дээр экен; 2.сырдык сөз; баса,ал эмне дейт? /сал.түн. база "дагы"/.

БАСА II батк. сырдык сөз /кайрылуу учурунда айтылат/; баса, бери бас.

БАСАБЫР жарг. чыдамдуу,чыдамкай; басабыр болсоң,ың бүтөт.

БАСАГАЧ батк. 1.басаанак; мергей-чилер басагач болот; 2.бир нерсенин басып калма адаты бар адам; ол басагач "мен чарчатам чыгайын" дейт.

БАСАКУП жүрг.,акт.,ттпр. үйдүн үстүнө коюлган чабак жыгач /сал. ирасакуп/; басакуп койгондор ботунан жолукту.

БАСАЙ жарг. болду! токтот! жетишет! тың! жең!; көп сүйлөбө, басай.

БАСАЛАК-түшт. тегирменден таш; басалагы басып жатат,сугала-

ги сугунуп жатат /таб.тегирмен/.

БАСАЛГАЛУУ чүй токтоо; арыптуу сөздү сүйлөгөн басалгалуу кыз өлөңүз.

БАСАНДА өзг. басаңча; саал басанда болуп калды го.

БАСАР I чүй базар; басарда алар менен саламдашат.

БАСАР II; басар баса жарг. тиш оруганда түкүрүү үчүн колдонулуучу идиш; басар баса күйт-күйт.

БАСЫҢЫҢ түшт. басаңча; басында болуп гэп урду.

БАСКАК; боор баскак сүз.,өзг.,пам. I.койдун оорусу /боорго курт түшүп оору/; 2.кой өтө семиргенде бооруна майы сиңип кетүү /сал. бачкак/; кой семирип боор баскак болот.

БАСКАТ пам. ностук; өз,балам,кол болсун,баскатты кайдан алдың?

БАСКЫЛЫК чүй I.балапан басып чыгара турган жай,орун; 2.тиш. алык,ачкы-теке мекендеп катып жүргөн орун; бир ачкы баскылыктан чыга качты; 3.ата. эшектин алдыңдагы коп басылып тапталган жер; баскылыкка отурбачы.

БАСКЫН түнд. эл-жерди,малды басып алгандык; баскын болуп, кемпирлер да качкан.

БАСКЫНЧЫ түнд. басып алууга конгон кыш; коо деп да айтат, баскынчы деп да айтат.

БАСКЫЧ тех. тегирмендин үстүнкү ташы; баскыч салып кисилтат.

БАСМА ачк.,тех. I.сайма тагуунун бир түрү,колу,ыгы /сайма колу көмөгө,калпак,килем,түш түүрдүк ж.б. буюмдарды жасоодо кеңири колдонулган/; 2.иск. ташак оорунун аты /мында кычане тил кебе түшүп,таңдайга жабыша калат.Аны басмачылар сөөмөй менен төмөн басып,кан чыгарып,эс алдырышкан.

Азыр мындай дарылоо жок/; тамагын далай колу басма болуп, аман көргөм; 3.жерг. ташты тизип,орто жерин чуңкур казып, анан үстүнө жалпагыраак ташты жигачка сүйөп коюп,соусар менен сулаганду жармоо үчүн жасалган там капкан; бала кылыч таап,басмадан сөңгүрөп этту; 4.жерг. жыга,осмонун тамчынан жасалуучу боек; басма деген карандаштай боёок болот; 5.сатк. там үйдүн ички жогорку жээгине /сөрөттүн үстүнө/ коюлган жылмакай кооз жыгач; басма сөрөттү басып тутуп турат; 6.зам. жүгү чарыкка жүктүн токулган чөпкөн; онун ордуна басма кийдин дейт; 7.сатк.,жерг. чакмак там ойнунда чачыраган ташты бир жерге терип чогултуп,басып,анан шыпырып алуу фазасы; басмадан жаңылбай ойнойт; бат атар басма ush. илгерки милтиктин бир түрү; бат атар басма деп койгон /бул милтикка оюту отколдун оозунан түртүп салып,артынан шилте тутатып атчан/; жакө басма жерг. чакмак там ойнунун бир фазасы /мында таштар жакө-жакө терилет/; жакө басманы таштай койуп чыкты; эки басма сакмак там ойнунда жердеги таштарды эки-экиден топтоп алуу фазасы; эки басма бүттү; үч басма жердеги таштарды үчтүн терип алуу фазасы; үч басма,үч ак деп айта беришет.

БАСМАЙ жерг. I.бир нерсенин басып калуу; менин тилимди алгила, болбосо,басмай бөөсүн; 2.чакмак там ойнунда таштарды топтоп,таптап,басып алуу фазасы /анын "бир басмай,эки басмай, үч басмай,топ басмай" деген фазаларын болот/; бүт басмай пам. үйлөнүү тожда күйөө менен кыздын бүтүн бири-бирине /бөлүп,көрүп,таанып туруп/ бастыруу жөрөлгөсү; бүт басмайда бала да,кыз да бүттү тез басууга шашат.

БАСМАЙЫЛ; гилем басмайыл батк. килем сыяктанып кооздолуп согулган сызма басмайыл; тезек терип жүрүп,гилем басмайыл таап алат.

БАСМАК тал. кара малдын соорусунун бир түрү; үй кээде басмак болот дейт.

БАСМАН лейл. көкүрөккө тагыла турган чарчы күмүш кооздук; эки пар басман алгыла.

БАСМАЧЫ батк. басмачы; душманды басмачыны пайлаштын.

БАСМАЧЫ иск. тамактын басма соорусун. дарылоочу дарылар; мени аврчгиле деди басмачы кемпир.

БАСМАЧЫЛЫК жерг. зордукчулук; басмачылыгы кыжырдын келтирет.

БАСРА лейл. кырман жанчканда өгүзгө сүйрөтүп новучу сүйрөткү; басрапы сүйрөтүп келди.

БАСРЫК жерг. албарсты; басрык басып кыйналды.

БАСТЕК I тал.,чүй I.кумган; 2.калпак,бейректүү кез же калай чайнек; бастектин ичин чайка /сал. чайдоос,чөгүн/; ак бастек чүй ак чайнек; ак бастектен чай куйду.

БАСТЕК II түнд. к. пастек; кат-кат тондуу,бастек бойлуу.

БАСТЕК III жкол.к. постон; бастек,калта,чыпта,челек,шише.

БАСТЫРГЫЧ ичк. чач мончокко тагыла турган күмүш кооздуктун бир түрү /төрт бурч болуп,үч тиштүү келет да,орто жеранде төрт ромбу,төрт калбырак оймок кооздугу болот/; бастыргычты мол керге таштап кетет.

БАСТЫРМА түшт. I.тигиштин бир түрү; 2.жкол. кээ бир шылтыктагы запас ок салып кое турган сай; бел атардын бастырмасына беш ок батчу; 3.пам. дикек,малча, ала

кийиз,кош жабык,табак-аяк,кашык-жаптарга салынуучу коч... гажарынын бир түрү; 3.эл. саймanын бир түрү /бул жакта саймanын дагы: басма,терс кайык,жармеке,илме,коптурме,жа за сайма,тумра сайма,кекеме,дүрүйө,мүшкүл,сумрума,тенчима. кайчма,суу салма,айкалыштырма,миц кайык,толтурма,илмек, чалма,калпак чалма,кумуру чалма,чумуртма,терме,чатышма,от көрүп сайма,деген түрлөрү болот/; 4.батк. ат тердегенде суук тийбес үчүн ага жаап кое турган ороо; 5.өзг.,тыш., түшт. эки же үч жагы дубал,төбөсү жабык,калган жагы ачык жасалган короочо; Исак бастырмада; 6.пам. жашырынып кала турган калканч,коргоо жер; бастырмада жатып көрөт /кээ бир жерде ал "бастырма" же "октурма" деп да айтылат/.

БАСТЫРОМКЕ иск. = бастырунке; бастыромкем узулуп калды.

БАСТЫРЫК иск. арабага,чанага,машинага салынган же керге жыйылган чөптүн үстүнөн бастырып кое турган жыгач; бастырык менен бастырып кой /сал.түр. бастырык/; көкүл бастырык пам. көкүл баскыч; көкүл бастырык менен аттын көкүлүн басат; таш бастырык жерг. чүкүрү өсүмдүгүнүн бир түрү /көбүнчө таштын астынан чыгып,даамы таттуураак болот/; таш бастырыктан үзүп келчи.

БАСЧЫЛ атб. басыла турган жер; басчыл жерден өтөлү,мен бир сыр айтайын.

БАСЫМАЛДЫ түшт. I.сайманын бир түрү; 2.лейл.,сүз.,чүй коомдун бир түрү /кабыгы тордомолуу,орточо чоңдуктагы коон,биринчиден сабагынан өзү үзүлүп калат/; басымалдыны кеп көрөлүбү?

БАСЫК; айуу басык иск. кайпаңдап баскан басык; алыш басыгы—

айуу басык /кишиге карата айтылат/.

БАСЫМ тянш. упай ойнундагы үч чүкөдөн турган бир болук; ал-ба басым чүкөсү бар экен.

БАСЫМДЫ нам. басырынып кеткендик; басымды болгон бала.

БАСЫП-батк. токтолуу; басынып адам болуп калыптыр.

БАСЫЛДЫ сүз. 1.немесинин кор болуп жүргендүк; басылды болуп далай жүргөнбүз; 2.жүдөө.

БАСЫЛДЫЛЫК сүз. жүдөөлүк; басылдылыгына өмне дешин билбейт.

БАСЫР өзг.,нам. укугу төмөн,жүнү бом; өзү басыр экен,анын кызын кайдан алсын; басыр айыл нам.,керг.,тар.,эск. карды-жалчылар,кембагалдар жана укук жагынан чоң урууларга кошула албаган кичине айыл /кээде мындай айыл "курама" деп деп да аталган.Мындай айылга кыргендер "чоң айылдын" өкүлдөрүнө көз каранды болгон."Маслаат" институтуна кийлигише алышпаган,кийлигишсе күбө же угуучу претенде болушкан/; басыр айылдан келген дейт.

БАСЫРЛЫК: тең басырлык жкол. тең кылып таңылган жүктүн арасындагы бом орунга коюлуучу жүн; тең басырлыгы жок калдыңбы?

БАСЫРЫК ичк. 1.жамалга өлө үйдүн түндүгүн учурбас үчүн чайгарактан тартылып казыкка /үйдүн ичинде/ байланган жип; бээр болуп калды үйгө басырык салып койсоң; 2.албароти; басырык басты; 3.тердик /сейрек айтылат/; басырыкты бергин; 4.жкол. уста таар,ичи кийизден жасалган ат жабуу; Жекей сайапкер басырык жапкан атын жетелеп жүрөт; көпчүк басырык керг. көпчүктүн үстүнөн тартила турган басмайыл.

БАСЫРЫКТА-жкол. чаалыгуу; басырыктап чечирип оңуп калам

сүйлөсөм.

БАСЫТКЫ керг. баш жуун турган нерсе; басыткысын кемирген, байталдай болуп семирген; сүзмөсүнү кемирген,сийирдай болуп семирген /мак./.

БАТ I лейл. 1.адамдын денесинин жалпы эле шишип кетиши;онун баданы бат болуп кеткен;2.батк. адамдын денесине темгил-темгил так түшүп ооруган оору; колунун терисиге бат түшүптүр; 3.түнд. сөөктүн чирип кетиши.

БАТ II батк. маф. бой чакканды даңазалаганда айтила турган сөз ак бат,кара бат: айда бат,жилда бат; чил бат,чилдир бат; койон желдүү бат,так Сулайман пайгамбар дами менен түй; баркы бат чүй калыр-барк; тамактын баркы--батина кетпели.

БАТ: бат атар чүй 1.алгери инилтикти тез атуу үчүн атайын чүпүрөккө,же кысеге салып даярдап алган ок-дары; бат атар кылып лайлардан алган; 2.ал.,батк. пистолет; бат атар байланып алыптыр; бат бытар батк. өрүктүн бир түрү; бат бытар тез пышат.

БАТА: бата бузуу түшт. кудалар кыз-жигиттин үйлөнүшүнө чейин мурунку убадасын кандайдыр бир себеп менен бузушса,кайра шыгымдарын төлөп берүү жөнөлгөсү /бирок бата бузуу иштери өтө сейрек учурасан/; бата бузуудан кийин уничукпай кетип калат; бава дийканга бата оку зам. кош айдалардын алдында түрдүү ырымдарды жасап бата окуу жөнөлгөсү /оава дийкан колдосун,бөрөкөсүн бер,ырыстуу бололук" деп бата окуйт/.

БАТАЛГА керг.,сүз.,лейл.,батк.,зам. доцгоч /отун жарылат,эт чабылат/; баталгага коюп,отун кыркат.

2.сүз. эзн жерге чиккан жалгыз түп дарак; баталгага ат байлады.

БАТАМАМ жерг. бүтүндөй; бир айыл батамам чабылган.

БАТАЧЫ лейл. өлүккө карата көңүл айтып келген адам; тигя үйгө батачылар келди.

БАТӘЩ батк. мол,көп; кашекти батөп кылып сал.

БАТИНИС чүй к. батнос; бир күпү батинис алганы келет.

БАТИР нск. рск. квартира; Караколдо батирде турган экен /бул сөз түндүк говорлорго казак,татар тилдеринен өткөн болсо керек. Сал,петер,бетер.Орус тилинде бул сөздүн "фатера" деген түрү бар/.

БАТИС нск. товардын бир түрү; көйнөгү батистен экен.

БАТКА батк.,зам. отун жаруучу чоңураак жалпак деңгөч; батканы отундун төгинге койот /сал,баталга/.

БАТКАВАК батк. I.эт алып бүлчүгү калган киши; 2.өңсүз-түссүз адам; минча өлө баткаван болуп калгансың; 3.жерг. кабагы салыңкы,ачуулуу адам; баткавак жене,дәртиңди айтсөң мында кел.

БАТКАК: боор баткак ад. к. баскак,бачкак.

БАТКАЧА батк. отундун алдына коюп,жигач жара турган жалпакча; баткачасы болот.

БАТКӘӘРДӘ жерг. күнөөкөр; ак урган жарың баткәәрдө.

БАТКЕРДЕ сүз.к. баткәәрдө; баткерде айал болуп калды.

БАТМАН лейл. I.он алты пуд өлчөмүндөгү салмак; илгерете он алты путту батман дейт өдө; 2.чүй чоң; батман киши экен жөн өлө далдайат; батман ой терең ой; батман ойу бар.

БАТМАНЧЫК батк. жандыктын аты; батманчык тутуп келдик /бул жандык нскн,какоо талаада жашайт,жергиликтүү адамдар ачы карып,жылуу кезинде көз бир харага тартат/.

БАТМАРАКТА-цам. божоктоп көбүрүү; батмарактап тешиктен өтпөй калды.

БАТМАЧЫК нам. сараң,битир; баатир тапса баары жейт,батмачык тапса баюп жейт /мак./.

БАТНАЗАР жерг. көзүндө сыйкыры бар адам /сал,кездүү/; көзү батназар экен,кызды алганы келет.

БАТНОС чүй к.батунус; түнкө батнос жука ак калай патнос; сыр батнос гүлдүү патнос.

БАТӨӨЛӨК түнд. потолок /сал.шып/; батөөлөктү сырдаган кой.

БАТӨӨРҮ батк. жоон мохн,таотпос; батөөрү шол ам адамсынат.

БАТПАЙАК нск. аттын бүтүндөгү бакай; илдий эңкейип аттын батпайагына жармашты.

БАТПАК батк.,заг. батпак;"колдошун мың болсо аздык кылат, душманың бир болсо көптүк кылат"/мак./, батпак.

БАТПЕЙИЛ жерг.,зам. I.кең пейил; будурма көйнөк буран бел жене,ой,батпейил.эдөңгөчү; 2.чорт кылл.

БАТТА I тлнш. чек,чөк; ал улакты баттадан алыс таштады.

БАТТА II батк. ыраазы кылуу,көңүлүн алуу; шуну менен батта кылдык.

БАТТАМА зам. желимдөштирилген нерсе; баттамасын кой деген.

БАТТЕ күл. ачытылбай,жука жайылып бышырылган нан; батте бышырдым /Ысык-Көлдө жана Тянь-Шандын кай бир жерлеринде "калама" деп да аталат/.

БАТУНУС тлнш.к. патинас; байагы батунус көтөргөн кишиге келет.

БАТХЫР жерг. өтө майлуу тамак; чалов көп эле батхыр болуптур.

БАТЧА түшт. 1.жезде; 2.алданып,жаман атка конгон адам; 3.тамаша иретинде теңтуш адамлар бир-бирине кайрылуу; а.батча,курбайсуңду,баралы; куну батча ал. атасы бир, энеси бөлөк бир туугандар алар куну батча болдар.

БАТЫВАК ичк.к. батпак; батывак кой кайтарганга жарабайсың.

БАТЫЛ I хырг. бат,тез; мен батым-батым айтып жйдым.

БАТЫЛ II чок. эп келишкендик; жакшыда жатым чок,жаманда батым чок /мак./.

БАТЫН батк. өсөндөрдүн эм-дем салуучу адамы; бактарда болот гул деген,батында болот "уф" деген.

БАТЫР: батыр нан тад.к. патыр; батыр нанды көтөрүп,балам,эмне келдин?

БАТЫРКАН чуй терг. кашкулак; мандайы кашка батыркан,кулагы чунак орускан /таб.кашкулак,карышкыр/.

БАУ түнд. 1.бирөөнү капысынан чочутканда колдонулуучу сырдык сөз; бау десе,жүрөгүм оозума келе түштү; 2.тал. адамды кызытууда,сүрөөдө колдонулуучу сөз; бау,жигит деп баары сүрөштү.

БАУП түнд. ыраазы болуп кубаттоо сезимин билдирүүчү сырдык сөз; бауп,көп түнүрсө көл болот,көл каптаса сел болот деген ушу.

БАФ пам. 1.бап; баф келди; 2.изалоо,табалоо; сен кайдан күрсүң деп баф кылды.

БАХ түнд. канааттануу,суктануу сезимин билдирүүчү сырдык сөз; бах,абдан сонун ит болду; бах баракелди /е/ өтө ир

ази болуп канагаттанып,суктанганда айтыла турган сырдык сөз; бах,баракелди,алдын кучуне.

БАХАВАДИН жерг. мамай;кайда барсаң бахавадининин гөрү /мак./.

БАХАВАЗ батк. шамаллуу; бахаваз жакты жер экен.

БАХАВАР жерг. 1.кабардар; оуи ташкындаптыр бахавар болгула; 2.дейт. капарсыз; мунан бахавар бол.

БАХАДЫР: бахадыр башы түшт.,тар. конон хандыгынын учурунда хан аскеринин согуш башчысы; бахадыр башы билип калып сандыкты алып койот.

БАХАЙЫР дейт. каныимет; өмүрүн жазып кызга салып живергенге бахайыр /бул сөз түндүктө "шүгүр,каныимет" деп айтылса, түштүк говорлордо "хабрайет" деп да айтылат/.

БАХМАЛ ичк. бахмал,макмал; кызыл бахмал өндеген,кыраан баатыр мен деген;гижим бахмал махмалдын баркын сынал келген түрү; бабадан гижим бахмал алды; учма бахмал батк. махмалдын түгү тайкы түрү; алганы учма бахмал экен.

БАХРАМ зам. жиргал; бахрам болду,баары бар.

БАХЫЛ жерг. к. бакыл; бахылдын баягы кегербейт, кегерсе да невейбейт /мак./.

БАЧА түшт.;кам. 1.курбу,курдаш бала; 2.жолдош,теңтуш /бул сөз көбүнчө кайрылуу,иретинде айтылат/; а.бача,мүдө бийлейт экенсиң; 3.балдарды эркелеткенде колдонула турган сөз.

БАЧАГАР жерг. антүргүр,шерменде; бачагар,сен илгери буттуубу иттиң? /бул сөз көбүнчө тамаша кылганда айтылат/.

БАЧАДАН түшт. 1.катын; 2.келин; эчкинин бачадани жетилип калыптыр.

БАЧАЙЫ пам. бачайы; бачайы байчечек гүл экен.

БАЧАСАН жерг. дутар менен чертилүүчү күү /бул күү колунда жоктуктан сүйгөнүнө жете албаган баланын азабын көңүлдө чертилет/; бачасанды таяктан үйрөнгөмүн.

БАЧЕК чүй кызылчанын кабык-сабык калдыгы; бачегин малына берет.

БАЧЕКЕЙ ккол. өсүмдүктүн аты; бачекейдин орус бачекей,күрүч бачекей деген түрлөрү болот /сал.байчечек/; орус бачекей өсүмдүктүн аты; орус бачекей өсөт; күрүч бачекей көбүнчө ачыгага чыгуучу өсүмдүктүн аты; күрүч бачекей жүгөрү талаага чыгат /күлү майда болот/.

БАЧЕКТӨӨ тал. жүгөрүнүн данын чыгарып алуу; жүгөрүнү бачектөө керек.

БАЧИК чүй бачики; эки бачикти тартуу кылды.

БАЧКАК: боор бачкак өзг. койдун боор курт оорусу; боор бачкак болгон тура.

БАЧКЕ чүй к. бачик; бачке чаап алыптыр.

БАЧКИ чүй,тяпш.Ю. бачики.

БАЧЫМ чүй тез,бат,дароо,илдам,ыкчам; бачым иргип турду.

БАШ лейл. килем токуу үчүн тартылган эрин-аркактын мандай жагына кагылган казык /сал.айак/; гилемдин башын кагып кой; баш-баш жерг. чыкыття ким мурун чабууну аныктоо үчүн аны өйдө иргитип ори алуу көрөлгөсү; баш-баш кайрак таш,кайсынысы?-жапалагы же кумурусу? /кумуру же калпак жагы түшкөнүнө карап "сизилик" же "бизилик" болуп ори алат/; башын жеген батк. коп,мол; башын жегендей,өлөрдөй эле болуптур; башыңдан кал!жерге кир.

куруп кал!; көз бирөө тепсетип кетет,башыңдан кал! башынан калсын! лейл.,өзг. эч кимге эч качан керегиң жок; башынан калсын,"кой,бачара экен" деп тегеренип өтүп кетет; башка келсе көз тартат батк. башка келсе байтал хорго; башка келсе көз тартат,эл тимбайт,өтө берет; баш көтөрбөй эле калсын! жерг. жерге кирсин; киндилдап ич тынч бербейт,баш көтөрбөй эле калсын; башыга суу куйду батк. көкустан алдатып коюу; бекеринен алдыруу; жөнү жок жоготуу; жолдо бир кемпир келе жатып башыга суу куйду болду; башыңды ташка ур! лейл. жаныңды саба; ээ,балам,имне болду,имне хатасың,башыңды ташка ур!; башыга урабы? лейл. эмне кылмак эле пайдасыз нерсени; бузук сөөтинди башыга урабы?; аны башына тартабы? ккол. аны эмне кылат? ашка жүк,башка жүк кылабы?; баш путун ♦ батк. эрден чыкпаган,бала-чакалуу,адамгерчиликтүү аял; кыздын жүгүн жийганга баш путун жеңесин чакыр /кызды узатканда "баш путун" жеңе чакырылып жүк жийдирип,ага белек берүү салты болгон/;башыны экита кылуу ♦ үйлөндүрүү; баш эле ата берет пам. илгери,алга карай бет алды ата берет; баш-айак жерг. күйөөгө чыгуучу кызга камдалган үстү баш кийимдер /кээде ал "сарпайы" деп да аталат. ал сөз түштүк говорлорго да кеңири тараган.Түндүк говорлордо "үстү-баш","сеп" деп айтылат/; адам башы батк. ар кыл оюнда топту башкарган адам; апыл-тапыл карай күштө эки адам башы сайланат; ак баш түнд.,өзг. I.жыныстык түйүк оорусу /бул жара т,ак менен өттүн ортосуна дүркүйүп, ак баш болуп чыгат.Керегликтүү адамдар ани жигач төмөн

менен жанчып салат,антпесе тулкуну алып түшөт.Бул оору казак тилинде да "акбас,бакай курт" деп аталат/; бир атым ак баш болуп баспай калган; 2.бот. өсүмдүктүн аты; ак баш жайлоолордо өсөт,мал жейт; 3.өтм. өтө бышкан ткмин,чүкүрү; оо,ак баш эле жайнайт; арпа баш жерг. жапайы өсүмдүктүн аты; кумдуу жерге арпа баш өсөт; ат башы түшт. элге берилүүчү тамак-ашты тейлөөчү адам; ат башы камды катуу көргөн; аткана баш түнд.,пам. атканага тартылган чигандын башына кооздолуп тигилген баркыт; аткана баш кана?; баатыр башы ккол. урушта бир нече баатырларды өзүнчө башкарган адам; удайчылар жасалганда жанымда баатыр башы Атакул бар эле; базар башы өзг.базарком; базар башы жүндү карап көрдү; бака баш бот. I.өңү-түсү серт,княл-коругу чөрт адам; күнүк адамды бака баш дейт; 2.ист. бүркүттүн бир түрү /түрү түрдүү,жүнү жүндүү,тоңгон таамай үнү бар,эстүү,муздакта түүган, алганын эңип чыгып,кайра ташка таштаган,баатыр жүрөк, ооздукма кыраан бүркүт/; бака баш деген бүркүт болот;баракан башы жүмг. чым көңдүн бир түрү; баракан башы деген чым көң болот; белдемчи баш пам. белдемчи менен курдун кошулган жери; белдемчи башын бек кармат; береке баш өзг. көп дан алып,башын көтөрө албай турган жүгөрү; жүгөрүдө береке баш көп; бойу бам түшт. I.жат жигит; бир үйлүү,жарым үйлүү бойу бам балдар жүрөт; 2.ичк. боз улан; бойу бам жүрө пересиңби,айал алдай?; бөкөмүл башы жерг. к. бөкөмүл; бүгү баш ирк. эрдин бир түрү; кушмаш,дан баш,бүгү баш деген эрлерди жасады; була баш түнд. I.өткөл баш; 2.өтм. көцкелес; 3.терг. боз үйдүн түндүгү;токсон койдун терисин тон чыкпаган була баш /таб.боз үйдүн үзүк,түндүк жабуулары/; буудай баш тторо. сабагы ичке келип, боорына жалбырак өскөн, башы буудайдыкы сымал өсүмдүк; буудай башы жулуп алып көрсөттү; бүрмө баш лейл. эки канат керегеден курулган кепече боз үй; бүрмө баштын жанында койлор жатат; гүүр башы бот. I.цементтелип салынган суу болгуч жер; гүүр башы то да; 2.жердин аты; дан баш эрдин бир түрү; дөстөр баш жерг. чөптүн бир түрү; биз дөстөвөр башты оруп келип очок/к/о жагабыз; доңуз баш өзг. жилкинин бут оорусу /бакайдын алдынан, туяктын үстүнөн өрүктөй болуп бөлтөйүп чыгуучу жара.Айрым адамдар жара чыккан жерди сөөкө жеткире тилип,дарылап,атты үч-төрт ай жылдырбай бир жерде багып,айыктырып алышат/; кервенчилердин бир ати доңуз башка чалдыгат; 2.өзг. өсүмдүктүн ати; доңуз баш ак пийазга окшош болот; дыйкан баш өзг. сотосу чоң,дандуу жүгөрүнүн башы; бөрөкө баш же дыйкан баш деп чоң сото алса айтабыз; жанык баш нар. керегенин жогорку башы менен ууктун ортосуна тегерете тагылган сызма; жанык баш керегө,ууккa тегерете тагылат; жалтыр баш зам. өсүмдүктүн ати; жалтыр баштын башында кылтыгы болот; жан баты түнд. үйдүн чоң кокомпу,эшик; жел баш пам. бучук; жел баш,бүгүн кайда жүрдүң издетип?; желек баш зам. турмушка чыгуучу кыздын башына салуу үчүн атайын жасалган,жээгине ар кыл кооздуктар тагылган,гүлсүз,бир түстөгү товардан даярдалган бир метрлик өлчөмүндөгү жабуу; келинге жаңы баш

жамшитат; жети баш сүз. буудайдын бир түрү /жети-сегиз белек бутак чыгарып өсөт/; жети баштан үзүп алып келет; зардек баш нск. өсүмдүктүн аты; зардек баш деген куурай болот; горо баш батк. боз баш; бир топ эле горо баш балдар экен; гулдур баш зам. 1.катуу баш; 2.терг. баш бака; асти-таш,усту-таш,ортосунда-гулдур баш /таб,таш бака/; жай башы батк. мүрзө; жай башына баргандар 1.мүрзө казгандар; 2.өлүк көөрүгө баргандар; жүз баш батк. адам ташый турган чымкемелүү илгерки арабанын бир түрү; киз жибек жүз башта кетип аткан болот; күйүр баш жерг. 1.уруунун аты /болкол менен бул уруунун түпкү өкүлдөрү 1667=ж. фергана тараптан Чоң Алай аркылуу Каратегинге келген имиш/; 2.топонимикалык ат; жоро баты лейл. ар кил үлөттү башкарган адам; жоро башынын көңүлү ачылбай койду; жылан баш түнд. өсүмдүктүн аты; жылан баш тоодо өсөт; ийик баш түшт. 1.ийиктин чопо жө таштан,коргошундан тегерек,жалпак кесилген баш; 2.ттороо. тизенин тожугу; бир күнү тизенин ийик башын ондотот; ит баты батк. 1.урук-уруунун ишин тейлеп,чечим чыгарып,башчылык кылган адам; жакшыдан болсо ит баты бир пайдасын тийгизет;2.той баштарган адам; тойдун кемчилдигин ит баты экеден сурагила; иштер баты жерг. мергенчиликке чыгуучу күн; иштер баты ишемби /ишемби күнү мергенчиликке барса олжолуу болот деп ишенилген/; кадоо баш нск. бир жагы тешик,мык кесий турган учтуу курал; кашы баш кочк. коколой жалгыз адам; ботом,бу келиндин жалгыз кашы эле келиптир; кара баш түшт. 1.кажырдын бир түрү /кичине келет/; кара

башты тап деп издетет; 2.түнд. начар буркуттун бир түрү 3.бой,жалгыз; кара башын бага албайт,кимге жардамы тиймек эле анын?!; каркыра жогдор кара баш нск. буркуттун бир түрү; каркыра жогдор кара баш деген буркут болот; кебек баш ал. өсүмдүктүн аты; кебек башты мал жийин жейт;кереге баш ал. сайманын бир түрү; кереге баш,калит, ийрек деген болот; кирпи баш өзг. өсүмдүктүн аты; кирпи баш жеп умуксa,мал өлөт; кожолук баты зам. үй ээси; кожолук баты кайда?; кой баш ош 1.коондун бир түрү /ичи кумшак,таттуу болот да,кээде ал "ак нават" деп аталат/; кой баш калта болуп кетет; 2.сайманын бир түрү; койчу баш чүй өсүмдүктүн аты; Сокулуктагы койчу баш деген чөптү Ала-Букада исмалак дейт; конур баш зам. өсүмдүктүн аты; конур баш көп бийик өспейт /бул өсүмдүктүн дәни болот,мал жакшы оттойт/; кор баты жерг..тар. титулдун аты /Каратегинде кор баты коргон,зындан,оклад ж.б. сактоо,тартипти коргоо өндүү милдеттерди аткарган.Ага нөөкөрлөр баш ийген.Кор баты бектин тукумунан же чыгаан байлардан дайындалган/; көк баш нчк. 1.уйкучу; о,күн кайдан чыкты,көк баш туруптур; 2.түшт. мәкәнин быпай калган сотосу; мәкәнин көк башын жулуп алып ойноп жүрүшөт; 3.мурап; көк баты гана суу маселесин чечкен; 4.түнд. талаадагы эгин,чөп ж.б. кайтарган корукчу адам; менин атам көк баш эле; көл баты нск. Нскк-Көлдүн баш жагындагы айыл-кыштактар /Түп,Талды-Суу,Кең-Суу ж.б. айылдар/;көл башындагы элдешмин; көчө баты түнд. квартальный; көчө баты суунун айагына кетти; куурай баш нск. өсүмдүктүн

аты; куурай баш кийнап жүрүшөт; кызыл баш жерг. 1.башына кызыл топу кийген адам; 2.тейит уруусунун бир тобу; 3.иск. суучул канаттуунун бир түрү; кызыл баш деген бир күш бар; кыйак баш жерг.,ад. 1."кыяк" өсүмдүгү өсө турган жердин баш жагы /бул өсүмдүк чөптүн арасына бирден-экиден болуп өөйрөк чыгат,шибер сымал тилке болуп өсөт, аны ит жейт.Отондон улам "иши илгери кетердин ити чөп жейт" деген сөз айтылат да,ал жакшы нерсенин белгиси катары эсептелет/; 2.жердин аты; Кийак-Башы,Можу,Бостон Терек деген жерде болгон; май маш атб. эт оодара турган курал; кечкенде май баш түшүп калыптыр; маңка баш тал. 1.акыл-эске толук кире элек жаш бала; 2.акылы тайкы адам; мин баш лейл.,пам. 1.өсүмдүктүн аты; мин баш тикенсиз,ак кызымтыл болуп гүлдейт /топ-топ болуп чыгат, өзү кек болот,майда мал жакшы жейт/; 2.акылсыз,тартипсиз; бир иштин өдөсүнөн чыкпаган мин баш экенсиң; музоо баш батк. үлүл; тегерек-тегерек кавыгы барды музоо баш дейт; мык баш батк. мыкка баш чыгаруу үчүн илайыктаган эки кичине тешикчеси бар курал; мык башты алберчи,керек экен; ойун баш жерг. чикит ойнундагы окунду баштап чикит чабуу жолу; ойун баш ит сийдиден мурда болот; от башы пам.1.бир уруу алды тейлеп башкарган аксакал сыйлуу адам; 2.отол адам отурган,жайлаган орун,жай,конуш,үй; очок башы пам.,жерг. келин келгенден бир нече күн өткөндөн кийин ага арналып атайын тамак жасоо жөрөлгөсү /келин үчүл күнү казан-аяк кармап,элге тамак сунган.Ушул жөрөлгөдөн кийин келин үй-бүлөнүн толук мүчөсү катары

эсептелген да,үй ичиндеги маселелерди чечүүгө аралашкан/; палаң баш өзг. айланбаш ойну; сары баш зам. өсүмдүктүн аты; сары баш—бөзгөк,буудайга дейре; суу башы ал. 1.мурап; 2.батк.,тар. негизги чоң уруу; суу башы—нойгут; 3.пам.,тар. бир нече уруу тобун башкарган адам /титулдун аты катары бул сөз байыркы жазма эстеликтерде да кезигет/; хо туи башы бол,хо суи башы бол /мак./; 4.ал. суунун башталып аккан жери /илгери көчмөнчүлүк учурда суунун баш жагын уруу аксакалдары жай кылган/; суи башка сакалтай бай кетет экен; 5.батк. суунун баш жагына конгон үй,уруу; атаң мурап болгуча,үйүң суи башы болсун /мак./; 6.жкол. Тянь-Шань тарап жак; суи башынан келген бала экенсиң; сумук баш зам. жек көрүндү; сумук баш Тойчудан бир топ балдар тарайт; там башы түшт. төбөсү жалпак салынган там үйлөрдүн тышкы үстү /там башы жалпак, тегиз болгондуктан,ал жерге өрүк жайылат,көпөө балдар оюн да курушат,Мындай үйлөр карыз аз жааган жерлерде көп учурайт/; тарыг баш лейл. чирче; тарыг баш өскөн жерге барасың; тәнги башы 1.колоттун баш жагы; 2.эки тоонун ортосундагы кууш жер; 3.жердин аты; тегерек баш суз. өсүмдүктүн аты /дары катары пайдаланылат/; тоок баш түшт. балапан короз; тоок баш кычкырды; топ башы түнд. бир группа топту башкарган адам; кечинде топ башылар конуп калды; топчу баш батк.,пам. 1.килем көчөтүнүн бир түрү; топчу башты гилемге түшүрөт; 2.лейл. өсүмдүктүн аты; топчу баш деген өсүмдүктү гөөдө "күнгө багар" эм деп коёо берет; 3.кочк. тоголок шуруулардын тизмеги; жаман кы-

зима эки топчу баш тагып берем; торгой баш лейл. өсүмдүктүн аты; торгой баш,жаван,чөлек,авдесте,автово,шып, парак дейвиз; төгөрөк баш ноок. чөптүн бир түрү; төл башы түнд. көп тууган малдын эң биринчи төлү; тум башы түшт. туу алып жүрүүчү киши /илгери кол кураганда алардын алдында туу көтөрүп жүргөн адам/; тум башы кела жатат; ун баш жкол. уруунун аты; ун баш кара чородон чыгат; үйүр баш баткч. чоң үй-бүлөлүү,бала-чакалуу киши; Сөттөр--үйүр баш киши; үкү баш кирка; устөл башы түнд. томада; уч баш пам. орнаменттин аты; уч баш соксом тандайлаш,ирчи келет мандайлат; чаар баш ноок.,керг.,өзг. эч кимдин сөзүн укпаган кекир,митаам,орой,чатак адам;ол жүдө чаар баш,булкунуп эле сүйлөй берет; чал баш батк. I.төбөсү ак,калган жери кара кой; кызыл чал баш,кара чал баш эм боло берет; 2.батк. кереге боо; чал баш менен керегени чалат; чала баш батк. чачы тегиз алынбаган бала; чала баш-чала баш,иттер менен заң талаш; чалдыр баш зам. I.жемекей,куу,митаам адам; 2.терг. таш бака; асти-таш,үсту таш,орто жери мөкәммәдир чалдыр баш /таб. таш бака/; чот баш пам. жапайы текенин төрт жашка чыгып калгандагиси /бул жерде тоо теке:"улак,бакчык,эки тишти,текечер,чот баш,алты тишти теке,теке,гез кайтарган теке,харыган теке" болуп акыратылат/; чөмүч баш ичк., түшт. таарга,килемге салынуучу көчөттүн бир түрү /эки жаги аймекей көчөт/; чөп баш түшт. чөптү бекем тоголоктоп туруп ирғитып,төөп ойногон оюн; эки баш жкол. кирка /сал.үкү баш/; ташты эки баш менен көөлөдүм; ироо баш

тоң мацироо,макоо; ай,ироо баш,ал сиртинан бекийт;эгей баш лейл. I.өзүмчүл; 2.өкөр; эне баш иск. I.апийимдин мурун жетилген башы; апийимдин эне баштарына бычак салдык; 2.батк. шалынын эң мурун баш чыгарган шагы; шалынын эне башы чыгып калды; 3.оюндун башчысы; ойунчулардын өз өзүнчө эне башы болот; баш алман батк. I.баш-аягы жок; 2.тил азар,баш ийбеген; баш алман кожойунуга эм баш бербейт; баш байлоо түнд. кызга кудалаганда алдын ала берилген сий,белек; акчаны бирөөгө баш байлоо кылды; баш көлөр жкол. өлүктүн сөөгүн жууганда башын көлөп тургандыгы үчүн аны алуу керелгесү; баш көлөрүнө баш кийим берет; баш жумгу лейл. баш жуун турган идиш; баш жумгусун кемирет; баш көчүртүш:ош баш көчүртүш керек,бактын чакыр /илгери киши катуу ооруп калганда малдын куу башын таап келип,бакшылар ооругу өкүп,аны куу башка көчүрчү имиш.Анан куу башты түн ортосу ченде кимдир бирөө халгнэ мүрзөнүн арасына алпарып таштаган/; баш таанай түнд. жаш келин-кыздардын өз ара же уландар менен ата-энеси жок кезде ар кимиси ар нерсе чыгарып /ун,май,туз,эт ж.б./ үчүп тамак ичүү керелгесү; баш таанай жасашиптир; баш эам жерг.,терг. күйөөм /көбүнчө өлгөндө айтыла турган сөз/; баш эам кыңылдап жата берген; баш өз-өзү. астига кет; талаага судуретүп баш озду; башка чануи жкол. өпкө чабуу,сарыбашка кудайы кылуу;

БАШАЙЫ: кызыл аркак башайы түшт. кийимдин бир түрү; кызыл аркак башайы кийгенин болгун,онон кумуштен бешик ирган ат,күйөөң менен жиргап өт.

БАШАЙЫ П ҳҳол. сарала кооз чымчык.

БАШАК I өзг. маштак; башак теришмей болгон.

БАШАК II тал. чочуганда айтылчу сырдык сөз; башак,кайда алып кетти!

БАШАК III тал. коон-дарбыздын желгенден кийинки калдыгы,кабыгы; башактарды кескилеп малга берсе жей берет.

БАШАКАНА суз. көлөкөлүү жай; башакана жакта эмне бар?

БАШАРА оуз. өңү,ыраңы суук адам; башарасы жаман болот.

БАШАРТ өзг. кокус; башарт колун тийсе кел.

БАШАРАТ өзг. майып; аскага чыгып башарат болуптур.

БАШКАДАН лейл. кайрадан; укпай калыптыр,башкадан сүйлөсүн.

БАШКАЛДЫРЫК тал. бармак; башкалдырыгым чыгып кетти.

БАШКАМ: бир башкам тянш. бир жагдай; анан бир башкам кыл.

БАШКАНА батк. баш; галдирап калды башканам.

БАШКАНДЫР-керг. I.үйлөндүрүү; баланы башкандырып койсок болот эде,жакты кетип баратат; 2.тосуу,буруу; малды башкандырып кой; 3.жолго сал; бул жигитти башкандырып кой.

БАШКАР: башкарган жак батк. бир нерсенин /килем,төшөк, таар ж.б./ жогор жагы; башкарган жагына белги койдум.

БАШКАРМА тунд. I.колхоздун председатели; Курманбай биздин колхоздо башкарма /сал, рейис/.

БАШКАТАН лейл. башкача,башкадан; эмгилер башкатан ойун куруп алышты.

БАШКАЧА батқч. башкача; өзү дары башкача,өзөндөн аккан суу.

БАШКӨ лейл. илгерки уруунун аты; тиги карыя—башкенин кадырлуу аксакалы.

БАШКӨН лейл.,зам. алечектин астынан кийген кеп такыя же

саймалуу чүпүрөк; башкепти кийип,үстүнөн калак кийет.

БАШКӨРӨК батк. боортко; Гулбаранын башкөрөгүн тагып кой /түндүк говорлордо "боортко,көкүрөк тарткыч" деп аталат/.

